«ЭкоИсламикБанк» ЖАК Башкармасынын
2026-жылдын «19» августунан
№83 протоколу менен
БЕКИТИЛДИ

КАРД КЕЛИШИМИН түзүүгө
(жеке жактын талап боюнча төлөнүүчү банктык эсеби)
Ачык Оферта

Бишкек ш. сайтка жайгаштырылган күнү:
2026-жылдын «25» август

Ушул Ачык Оферта (мындан ары – «Оферта») Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесинин 2-пунктуна, 393-беренесинин 2-бөлүгүнө, 394-беренесинин 1-бөлүгүнө, 386, 395, 399, 402-беренелерине ылайык ачык деп эсептелет жана «ЭкоИсламикБанк» ЖАКтын (мындан ары – Банк) жарандык укук жөндөмдүүлүгүнө жана аракетке жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон кайсы болбосун жеке жактын дарегине «Кард» келишимин – жеке жактын талап боюнча төлөнүүчү депозитин (мындан ары – Келишим) ушул Офертада камтылган шарттарда түзүү боюнча сунушу болуп саналат.

Келишим жеке жак (мындан ары – Кардар) Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 399-беренесине ылайык белгиленген формадагы Кардардын арызына/макулдугуна кол койгон учурдан тартып (бул ушул Офертанын акцепти болуп саналат) түзүлгөн деп, ал эми ушул Оферта кабыл алынган деп эсептелет. Келишим түзүүгө ушул Оферта Банк тарабынан стандарттык (типтүү) формада бекитилген, бардык Кардарлар үчүн бирдей жана Кардар тарабынан өзгөртүлүүгө жатпайт. Оферта Келишимди тариздөө тартибин аныктайт, Келишим боюнча милдеттенмелерди аткарууда Банк менен Кардардын ортосунда келип чыккан мамилелерди жөнгө салат, ошондой эле Келишимдин шарттары жана ага тиркемелер Банктын расмий сайтында жеткиликтүү: https://eib.kg/static/documents.html (мындан ары – Банктын сайты). Банк бардык зарыл маалыматты Кардарга Банктын https://eib.kg/static/documents.html сайтында жайгаштыруу аркылуу берет.

Кардар Офертаны акцептөө менен төмөнкүлөрдү ырастайт:

- ушул Офертада жана ага тиркелген документтерде баяндалган шарттар менен таанышканын, аларга толук макул экенин жана аларды сактоого милдеттенерин;
- укук жөндөмдүүлүгү жана аракетке жөндөмдүүлүгү чектелбегенин, камкордукта, көзөмөлчүлүктө, кепилчиликте же сүрөөнчүлүктө турбаганын, ден соолугунун абалы боюнча өз укуктарын өз алдынча жүзөгө ашырууга жана коргоого, ошондой эле милдеттенмелерин аткарууга жөндөмдүү экенин, түзүлгөн Келишимдин маңызын жана аны түзүүнүн жагдайларын аңдап түшүнүүгө тоскоол болгон оорулар менен жабыркабаганын;
- Банкка берилген бардык маалыматтардын аныктыгына, толуктугуна жана актуалдуулугуна кепилдик берерин жана банктык кызмат көрсөтүүлөрдү алуу максатында гана берилген жеке маалыматтарды чогултууга, иштеп чыгууга, сактоого жана өткөрүп берүүгө Банкка укук берерин.

КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ: УШУЛ ОФЕРТАНЫН ЖАНА/ЖЕ АГА ТИРКЕМЕЛЕРДИН ШАРТТАРЫ МЕНЕН ТОЛУК КӨЛӨМДӨ ЖЕ АНЫН КАЙСЫ БИР БӨЛҮГҮ МЕНЕН МАКУЛ ЭМЕС ЖАНА/ЖЕ УШУЛ ОФЕРТАНЫН ЖАНА/ЖЕ АГА ТИРКЕМЕЛЕРДИН КАЙСЫ БИР ЖОБОЛОРУ АГА ТҮШҮНҮКСҮЗ БОЛГОН ЖАК УШУЛ ОФЕРТАНЫ АКЦЕПТТЕБЕШИ КЕРЕК, БАШКАЧА АЙТКАНДА, МАКУЛ БОЛБОШУ КЕРЕК.

Андай болбогон учурда Банк колдонуучунун бул боюнча дооматтарын кабыл албайт жана ушул Офертаны акцептөөдөн түздөн-түз келип чыккан милдеттенмелерди гана аткарат.

Ушул Оферта ал күчүн жоготту деп таанылган учурга чейин же Банктын сайтында жаңы Оферта жарыяланганга чейин колдонулат: https://eib.kg/static/documents.html. Офертага киргизилген өзгөртүүлөр алардын күчүнө киришине кеминде 10 (он) банктык күн калганда Банктын сайтында жарыялануусу тийиш.

1. Келишимдин предмети

1.1. Кардар Банкка тапшырат, ал эми Банк жеке жактын талап боюнча төлөнүүчү пайызсыз **«Кард»** банктык эсебин (мындан ары – «эсеп») ачуу жана банктык тейлөө боюнча милдеттенмелерди өзүнө алат. Эсеп банктык төлөм картасы аркылуу жана/же карта колдонбостон башкарылат. Бул эсеп акча каражаттарын сактоо жана топтоо, ошондой эле «Элкарт» банктык төлөм картасы системасы боюнча акча каражаттарынын кыймылын жана транзакцияларын жүргүзүү үчүн арналган. **Банк Кардардын акча каражаттарын Шариат талаптарына ылайык гана пайдаланылышына кепилдик берет.**

1.2. Кардардын эсебине нак акча каражаттары түрүндөгү жеке салымынан тышкары төмөнкү каражаттар которуу жолу менен түшүшү мүмкүн: эмгек акы, автордук гонорарлар, пенсиялар, алименттер, социалдык жөлөкпулдар, жеке жактын башка эсебинен каражаттар, мурастоо менен байланышкан төлөмдөр, Кардарга таандык жеке мүлктү сатуудан түшкөн төлөмдөр жана башка түшүүлөр, ошондой эле бир жолку мүнөздөгү жана Кардардын коммерциялык жана/же башка ушуга окшош ишмердүүлүгүнүн предмети болуп эсептелбеген төлөмдөр.

1.3. Келишимдин алкагында Банктын тиешелүү кызматы болгон учурда Кардарга төмөнкү кызматтар көрсөтүлүшү мүмкүн:

- бир же бир нече Эсептерди/карт-эсептерин ачуу жана тейлөө;
- төлөм карталарын чыгаруу жана тейлөө жана/же банктык карталарды колдонбостон тейлөө.

1.4. Салымдын минималдуу суммасы Банктын тарифтери менен аныкталат.

1.5. Акча каражаттары менен жүргүзүлгөн бүтүм же операция, же өз ара байланышкан бир нече бүтүмдөр же операциялар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда милдеттүү контролдоого алынат.

1.6. Банк Кардарга Банктын мобилдик колдонмосу жана башка аралыктан банктык тейлөө системалары аркылуу эсеп боюнча операцияларды жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн берет.

2. Жалпы жоболор

2.1. Ушул Оферта эсепти/карт-эсепти ачуу тартибин аныктайт, ошондой эле ушул Оферта боюнча милдеттенмелерди аткарууда Банк менен Кардардын ортосунда келип чыккан мамилелерди жөнгө салат. Оферта акцепттелгенден кийин Келишим болуп эсептелет.

2.2. Келишим Тараптардын ортосунда Кардар тарабынан ушул Офертаны акцепттөө менен түзүлгөн деп эсептелет. Ушул Офертада көрсөтүлгөн, анын шарттарына толук жана шарт койбостон макулдугун тастыктаган Кардардын аракеттери акцепт болуп саналат. Акцепт белгиленген формадагы Арызды/макулдукту толтуруу жана кол коюу жолу менен жүзөгө ашырылат (бул ушул Офертанын акцепти болуп саналат).

2.3. Талап боюнча төлөнүүчү эсептерде/карт-эсептерде турган акча каражаттарына, эгерде өзүнчө келишимдерде/макулдашууларда Тараптар тарабынан башкача каралбаса, Банк тарабынан сый акы (пайыз) эсептелбейт жана төлөнбөйт.

2.4. Банк депозиттерди коргоо системасынын катышуучусу болуп саналат жана эсептеги акча каражаттары Кыргыз Республикасынын «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамына ылайык жеке жактардын аманаттарын (депозиттерин) коргоо объектиси болуп эсептелет. Банк жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын депозиттерди коргоо боюнча агенттиги тарабынан Кардарга (аманатчыга) мыйзамда каралган тартипте, өлчөмдө жана шарттарда компенсациялар төлөнүшүнө кепилдик берет.

2.5. Банк бардык зарыл маалыматтарды Банктын сайтында жайгаштыруу аркылуу Кардарга жеткиликтүү кылат: https://eib.kg/static/documents.html.

2.6. Кардар тарабынан Офертаны акцепттөө ушул Офертага, анын тиркемелерине, ошондой эле Кардардын жеке маалыматтарын чогултуу, иштеп чыгуу, сактоо жана өткөрүп берүү шарттарына толук жана шарт койбостон макулдукту билдирет.

2.7. Кардардын жеке маалыматтарын иштеп чыгуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген чектерде, келишимдин колдонулуу мөөнөтүнүн ичинде жана ал бузулгандан кийин да, автоматташтыруу каражаттарын колдонуу менен же аларды колдонбостон, бардык мыйзамдуу ыкмалар менен, анын ичинде жеке маалыматтардын маалыматтык системаларын пайдалануу менен жүзөгө ашырылат.

3. Колдонулуучу терминдер жана аныктамалар

«Элкарт» системасынын банктык төлөм картасы (мындан ары – «карта») – Кардарга банктык эсепти башкарууга мүмкүнчүлүк берүүчү төлөм инструменти. Картанын жардамы менен Кардар электрондук терминалдар, банкоматтар же башка түзмөктөр аркылуу (картанын түрүнө жараша) товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу, валютаны алмаштыруу же акча каражаттарын алуу боюнча операцияларды жүргүзө алат. Карта төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

- Магниттик карта – маалымат алып жүрүүчү каражаты магниттик тилке болгон карта, ал Банктын банкоматтарында жана терминалдарында эсептен нак акча каражаттарын алууга мүмкүндүк берет (карта аркылуу башка операцияларды жүргүзүү мүмкүн эмес). Магниттик картанын кызмат мөөнөтү: картаны сактоо жана пайдалануу шарттарына жараша 1 жылдан 3 жылга чейин.
- Смарт-карта (чиптик карта) – маалымат алып жүрүүчү каражаты NFC чипи болгон карта (карта шакек, чаптама (стикер), билерик түрүндө болушу мүмкүн), ал контактсыз төлөм технологиясы аркылуу эсеп боюнча бардык операцияларды (товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу ж.б.) жүргүзүүгө, ошондой эле банкоматтарда жана система терминалдарында эсептен нак акча каражаттарын алууга мүмкүндүк берет (карта боюнча башка операцияларды жүргүзүү да мүмкүн). Смарт-картанын кызмат мөөнөтү: картаны сактоо жана пайдалануу шарттарына жараша 8 жылга чейин.
- Элкарт NFC – ***NFC*** (*Near Field Communication* – «жакын аралыктагы контактсыз байланыш») – контактсыз технология болуп саналат, ал картаны үчүнчү жакка бербестен сатып алууларды мүмкүн болушунча тез төлөөгө мүмкүндүк берет. Ыкчам төлөм жүргүзүү үчүн NFC технологиясын колдогон банктык карта ПИН-кодду киргизбестен кассадагы төлөм терминалына жакындатылат. ПИН-кодду киргизбестен жүргүзүлүүчү операциялар боюнча лимиттин өлчөмү Банктын колдонуудагы тарифтери менен белгиленет жана жөнгө салынат. Андан кийин сатуучу Карта ээсине төлөм боюнча чек басып берет.

Банкомат – нак акча каражаттарын берүү/кабыл алуу үчүн аппараттык-программалык комплекс. Программалык камсыздоого жараша банкомат кошумча функцияларды аткарышы мүмкүн: акча каражаттарын (депозиттерди) кабыл алуу, ПИН-кодду өзгөртүү, картанын колдонуу мөөнөтүн узартуу, эсептеги калдыкты жана башка маалыматтарды көрүү, накталай эмес эсептешүүлөрдү жүргүзүү, бардык жүргүзүлгөн транзакциялар боюнча карта-чек берүү.

Картаны бөгөттөө – Банк тарабынан карта колдонуу аркылуу эсеп боюнча бардык операцияларды жүргүзүүнү токтото туруу, бул Карта ээсинин эсеп боюнча операцияларды жүргүзүүгө ыйгарым укуктарын тастыктоодон баш тартуу жана картанын реквизиттерин токтотмо-баракка киргизүү аркылуу камсыз кылынат.

Картаны бөгөттөө Банк тарабынан Кардар Банкка тиешелүү жазуу жүзүндөгү арыз менен кайрылган учурда же Кардар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын, Келишимдин шарттарын же «Картаны пайдалануу эрежелерин» бузган учурда жүргүзүлөт.

ПИН-код үч жолу катары менен туура эмес терилген учурда, Кардардын акча каражаттарынын коопсуздугун камсыз кылуу максатында карта Кардар картаны бөгөттөн чыгаруу үчүн Банкка жеке кайрылганга чейин автоматтык түрдө бөгөттөлөт.

Эсеп боюнча көчүрмө – Банк тарабынан түзүлгөн, белгилүү бир убакыт аралыгында эсеп боюнча жүргүзүлгөн транзакциялар (суммалары, даталары) жөнүндө маалыматты, ошондой эле эсептеги акча каражаттарынын калдыгын (карыздын өлчөмүн) камтыган документ.

Карт-чек – транзакция жүргүзүлгөн учурда терминал, банкомат же башка түзмөк тарабынан түзүлгөн жана транзакция жасалгандыгын тастыктоочу кагаз документ.

Кардар – ушул Офертага кошулган жеке жак.

Коддук сөз – эсепке белгиленген жана Кардар тарабынан Банкка оозеки (анын ичинде телефон аркылуу) кайрылганда өзүнүн чындап эле эсептин ээси экендигин тастыктоо (Кардарды идентификациялоо) жана эсеп боюнча маалымат алууга укуктуу экендигин ырастоо үчүн айтылуучу сөз (тамгалык код).

Персоналдык идентификациялык номер (мындан ары – «ПИН-код») – Кардарга ыйгарылган жана Карта ээси транзакция жүргүзгөн учурда аны идентификациялоо үчүн

арналган сандык, жашыруун код.
Нак акча каражаттарын кабыл алуу жана/же берүү пункту (мындан ары – «НБП») – Банкта, анын филиалдарында жана аманат кассаларында, ошондой эле соода жайларында орнотулган, карталарды колдонуу менен акча каражаттарын кабыл алуу жана/же берүү операцияларын жүргүзүү үчүн арналган пункт.
Картаны бөгөттөн чыгаруу – Банк тарабынан карта колдонуу аркылуу эсеп боюнча бардык операцияларды жүргүзүүнү кайра жандандыруу, ал Карта ээсинин эсеп боюнча операцияларды жүргүзүүгө ыйгарым укуктарын тастыктоо жана картанын реквизиттерин токтотмо-баракта алып салуу аркылуу камсыз кылынат.
Чыгым лимити (мындан ары – «лимит») – Кардардын акча каражаттарын кошумча коргоо максатында картага жазылуучу карта боюнча операцияларды жүргүзүүгө коюлган чектөө. Кардардын каалоосу боюнча лимит өзгөртүлүшү мүмкүн.
Карталарды колдонуу менен эсептешүү системасы – төлөм системасы (мындан ары – «система») – «Элкарт» системасынын карталарын колдонуу менен накталай эмес эсептешүүлөрдү уюштуруу үчүн каралган нормалардын, стандарттардын, эрежелердин, мекемелердин жана программалык-техникалык каражаттардын жыйындысы.
Транзакцияларды күтүү мөөнөтү – карта боюнча транзакцияларды күтүү убактысы, анын аяктоосунда акча каражаттарынын суммасы картадан эсепке эсептен чыгарылат. Система боюнча транзакцияларды күтүү мөөнөтү Кардардын картаны бөгөттөө же эсепти жабуу жөнүндө арызы Банкка келип түшкөн учурдан тартып 10 (он) банктык күндү түзөт. Транзакцияларды күтүү мөөнөтү карта бөгөттөлгөндө же эсеп жабылганда гана колдонулат.
Токтотмо-барак – Банк тарабынан төлөм каражаты катары кабыл алууга тыюу салынган карталардын тизмеси.
Электрондук терминал (мындан ары – «терминал») – картадан маалыматтарды окууга, карта боюнча операциялар тууралуу билдирүүлөрдү системага жөнөтүүгө жана системадан кабыл алууга, ошондой эле системанын иштөөсүн баштоого мүмкүндүк берүүчү түзмөк. Терминалдар Банкта, анын филиалдарында жана аманат кассаларында, ошондой эле соода жайларында (соода, кассалык терминалдар, толуктоо терминалдары) орнотулушу мүмкүн жана карталарды колдонуу менен нак акча каражаттарын берүү жана кабыл алуу, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча накталай эмес операцияларды жүргүзүү, акча каражаттарын которуу, картага акча каражаттарын жүктөө, эсептеги калдыкты жана башка маалыматтарды көрүү, жүргүзүлгөн транзакция боюнча карт-чек берүү үчүн колдонулат.
Транзакция – товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу, валютаны алмаштыруу же нак акча каражаттарын алуу учурунда карта колдонуу менен жүргүзүлгөн өзүнчө операция, анын натыйжасында Кардардын эсеби операциянын суммасына өзгөрөт. Эгер Банк бул кызмат көрсөтүү үчүн комиссиялык төлөм алса, Кардардын балансын көрүү боюнча Банк көрсөткөн кызмат да транзакция болуп эсептелиши мүмкүн.
Банктын кызмат көрсөтүүлөрү – Келишимдин алкагында Кардарга эсеп ачуу, эсеп боюнча транзакцияларды жана которуу операцияларын жүргүзүү, эсепти тейлөө, картаны берүү, алмаштыруу, анын колдонуу мөөнөтүн узартуу, ошондой эле система аркылуу көрсөтүлүүчү жана Банктын тарифтеринде көрсөтүлгөн башка кызматтар.
Алдамчылык операциясы – Карта ээси тарабынан санкцияланбаган (уруксатсыз) жана ырасталбаган, анын билүүсү жана макулдугу жок үчүнчү жактар тарабынан эсеп/карта боюнча жасалган операция. Мындай операцияларга, анын ичинде социалдык инженерия, Фишинг, Вишинг, SIM-своппинг ыкмаларын жана Карта ээсинин эсебине же картасына мыйзамсыз жетүү үчүн колдонулган башка ыкмаларды пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялар кирет.
Вишинг (voice phishing) – алдамчылыктын бир түрү, мында алдамчылар Кардарга телефон аркылуу чалып, өздөрүн Банктын, КР Улуттук банкынын же укук коргоо органдарынын кызматкерлери катары таанышты рып, купуя маалыматтарды (ПИН-кодду, OTP-кодду, картанын реквизиттерин) алуу же Кардарды акча каражаттарын алдамчылардын пайдасына өз алдынча которууга түрткү берүү максатын көздөшөт.
Фишинг – Кардардын купуя маалыматтарына Банктын атынан жасалма веб-сайттар, электрондук каттар же билдирүүлөр аркылуу жетүү максатында жасалган интернет-алдамчылыктын бир түрү. Фишингдин белгилерине Банктын расмий дарегинен eib.kg

айырмаланган веб-сайттын дареги, ошондой эле картанын реквизиттерин киргизүүнү талап кылган же эсептин бөгөттөлө тургандыгы жөнүндө эскерткен электрондук каттар жана билдирүүлөр кирет.

OTP (One-Time Password, бир жолку сырсөз) – белгилүү бир эсеп/карта боюнча конкреттүү операцияны бир жолку ырастоо үчүн Банк тарабынан Кардарга SMS-билдирүү же push-билдирүү аркылуу жөнөтүлүүчү сандык код. OTP-кодду үчүнчү жактарга берүүгө катуу тыюу салынат.

Муздатуу мезгили – алдамчылыктын белгилери аныкталган учурда Банк тарабынан колдонулуучу, акча каражаттарын которуу боюнча операцияны аткарууну убактылуу кечеңдетүү мөөнөтү. Ал Кардарга операцияны акыркы аткарылганга чейин жокко чыгаруу мүмкүнчүлүгүн берүү максатында колдонулат.

Социалдык инженерия – Кардардан купуя маалыматтарды (ПИН-кодду, OTP-кодду, коддук сөздү, картанын реквизиттерин) алуу же аны акча каражаттарын алдамчылардын пайдасына өз алдынча операция жүргүзүүгө түрткү берүү максатында ага психологиялык таасир этүүнүн ыкмалары. Банк көрсөтүлгөн маалыматтарды телефон, электрондук почта же мессенджерлер аркылуу эч качан сурабайт.

Скимминг – банкоматтарга же POS-терминалдарга орнотулган атайын түзмөктөрдүн (скиммерлердин) жардамы менен төлөм картасынын маалыматтарын көчүрүп алуу жана аларды операцияларды уруксатсыз жүргүзүү үчүн андан ары пайдалануу жолу менен жасалган алдамчылыктын бир түрү.

Дропперлик – жеке жактын өзүнүн банктык эсептерин, карталарын же төлөм реквизиттерин үчүнчү жактардын кызыкчылыгында финансылык операцияларды жүргүзүү үчүн пайдаланууусу, анын ичинде мыйзамсыз жол менен алынган акча каражаттарын нак акчага айландыруу же транзиттик которууларды жүргүзүү үчүн пайдаланууусу. Кардар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык дропперликке катышкандыгы үчүн жоопкерчилик тартат.

АБТ – Аралыктан банктык тейлөө.

Мобилдик колдонмо – мобилдик түзмөк аркылуу Колдонуучуга Банктын банктык жана башка кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүктү камсыз кылууга арналган Банктын программалык камсыздоосу.

4. Тараптардын укуктары жана милдеттери

4.1. Банк төмөнкүлөргө милдеттенет:

4.1.1. Кардардан же үчүнчү жактардан Кардардын пайдасына эсепке салынуучу акча каражаттары Банкка келип түшкөндө, ошондой эле Банктын ички ченемдик документтеринде каралган Кардардын өздүгүн тастыктаган документтер көрсөтүлгөндө жана Банктын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн төлөм жүргүзүлгөндө, Кардардын арызынын негизинде ага эсепти (улуттук валютада) жана/же эсепти (чет өлкө валютасында) ачууга жана карта берүүгө милдеттенет. Банк Кардардын тиешелүү арызынын негизинде ага бир нече кошумча карталарды бериши мүмкүн. Карта Банктын менчиги болуп саналат жана Келишимдин шарттарына ылайык Кардарга убактылуу пайдалануга берилет.

4.1.2. Кардардын биринчи суроо-талабы боюнча, анын жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде мүмкүн болушунча кыска мөөнөттө Кардарга анын эсебиндеги акча каражаттарынын кыймылы жана калдыгы жөнүндө маалыматты (эсеп боюнча көчүрмөлөрдү) жазуу жүзүндө берүү, Кардардын акча каражаттарын которуу жана төлөп берүү, лимитти белгилөө жана өзгөртүү, ошондой эле картанын колдонуу мөөнөтүн узартуу боюнча тескемелерин аткарууга.

4.1.3. Кардардын оозеки кайрылуусунун негизинде (Банкка коддук сөздү билдирүү шарты менен), анын ичинде телефон аркылуу кайрылганда, ага эсебиндеги акча каражаттарынын калдыгы жөнүндө маалыматты оозеки түрдө билдирүүгө.

4.1.4. Банктын ички ченемдик документтеринин талаптарына ылайык Кардардын тапшырмасы боюнча эсепти банктык тейлөөнү жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жеке жактардын талап боюнча төлөнүүчү эсептери үчүн каралган бардык операцияларды жүргүзүүгө.

4.1.5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо,

Кардардын эсеби жөнүндө банктык сырды түзгөн маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылууга кепилдик берүүгө.
4.1.6. Эсеп боюнча операцияларды жүргүзүүгө жана картаны пайдалануга түздөн-түз байланышкан маселелер боюнча Кардарга консультация берүүгө.
4.1.7. Кардар Банкка картаны бөгөттөө жөнүндө жазуу жүзүндөгү арыз менен кайрылган учурда (өздүгүн тастыктаган документ көрсөтүлгөн шартта), мындай арыз алынган учурдан тартып картаны бөгөттөөгө жана анын реквизиттерин токтотмо-баракка киргизүүгө.
4.1.8. Кардар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын, Келишимдин шарттарын же «Картаны пайдалануу эрежелерин» бузгандыгынын натыйжасында Банк тарабынан карта бөгөттөлгөн учурда, 7 (жети) күндүн ичинде Кардарга тиешелүү жазуу жүзүндөгү билдирүү же Кардар көрсөткөн телефон номерлерине SMS-билдирүү жөнөтүүгө.
4.1.9. Банк көрсөткөн кызматтардын наркы же тарифтери өзгөргөн учурда, мындай өзгөртүүлөр күчүнө киргенге чейин кеминде 10 (он) банктык күн мурда маалыматтык такталарга жана Банктын https://eib.kg/static/documents.html сайтына жайгаштыруу аркылуу Кардарды маалымдоого.
4.1.10. Кардардын жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде карта жоголгон (уурдалган, жоготулган ж.б.), бузулган (иштебей калган) же колдонуу мөөнөтү аяктаган учурда, ошондой эле Келишим бузулган учурда транзакцияларды күтүү мөөнөтү аяктагандан кийин эсептеги акча каражаттарынын калдыгын Кардарга берүүгө.
4.1.11. Кардарды Банктын иш тартибине ылайык белгиленген убакытта (дем алыш жана майрам күндөрүнөн тышкары) талаптагыдай таризделген документтердин негизинде гана тейлөөгө.
4.1.12. Тиешелүү төлөм документтери Банкка келип түшкөндөн кийин Кардардын тапшырмасы же макулдугу боюнча анын эсебинен акча каражаттарын эсептен чыгарууга. Төлөм документтери түзүлгөн күнү гана сунуштоого жарактуу болуп эсептелет. Кардардын макулдугусуз анын эсебинен акча каражаттарын эсептен чыгарууга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында атайын каралган учурларда гана жол берилет.
4.1.13. Банктын белгиленген кассалык иш эрежелерине ылайык нак акча каражаттарын кабыл алууну жүзөгө ашырууга.
4.1.14. Банк шектүү операцияларды аныктоо жана ушул Офертанын 4.2.10-пунктунда каралган ыкмалар аркылуу эсеп/карта боюнча операциянын токтото турулганы же бөгөттөлгөнү жөнүндө Кардарга өз убагында билдирүү максатында операцияларга реалдуу убакыт режиминде мониторинг жүргүзүү системасынын иштешин камсыз кылууга милдеттенет.

4.2. Банк төмөнкүлөргө укуктуу:

4.2.1. Келишимдин жана ага тиркемелердин шарттарын, тарифтерди бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө же толуктоого, мындай өзгөртүүлөр күчүнө киргенге чейин кеминде 10 (он) банктык күн мурда маалыматтык такталарга жана Банктын https://eib.kg/static/documents.html сайтына маалымат жайгаштыруу аркылуу Кардарды маалымдоого.
4.2.2. Эгерде Кардар эсеп ачуу жана ал боюнча операцияларды жүргүзүү талаптарын аткаруу, Кардарды идентификациялоо жана верификациялоо үчүн зарыл болгон тиешелүү документтерди көрсөтпөсө же ишенимсиз (анык эмес) документтерди көрсөтсө, ошондой эле Кардардын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын (анын ичинде банктык эрежелерди), Келишимдин шарттарын, Келишимге тиркемелерди же «Картаны пайдалануу эрежелерин» бузгандыгын тастыктаган башка жагдайлар болгон учурда Кардардын эсеби боюнча операцияларды жүргүзүүдөн баш тартууга.
4.2.3. Банк көрсөткөн кызматтардын жана тарифтердин наркын өзгөртүүгө.
4.2.4. Картанын колдонуу тартибин, ошондой эле анын колдонуу жана алмаштыруу шарттарын аныктоого.
4.2.5. Акцептсиз тартипте Кардардын эсебинен Келишимдин алкагында Банк көрсөткөн кызматтар үчүн төлөмдөрдү, Кардардын Банк алдындагы башка келишимдер боюнча кредитордук карыздарын жабуу үчүн төлөнүүгө тийиш болгон акча каражаттарын, ошондой эле Кардардын эсебине жаңылыш эсептелген акча каражаттарын эсептен чыгарууга.
4.2.6. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда Кардардын эсеби боюнча операцияларды токтото турууга же Келишимди бузууга жана картаны жокко чыгарууга.

4.2.7. Кардар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын, Келишимдин шарттарын, Келишимге тиркемелерди же «Картаны пайдалануу эрежелерин» бузган учурда, банктык карта жок болгон шартта эсепти бөгөттөөгө жана/же анын картасын алып коюуга.
4.2.8. Банк төмөнкү учурларда эсеп жабылганга чейин 30 (отуз) күн мурда Кардарды милдеттүү түрдө маалымдоо менен Келишимди бир тараптуу тартипте бузууга жана картаны жокко чыгарууга укуктуу:

- Кардар идентификациялоо же эсеп боюнча операцияларды жүргүзүү талаптарын аткаруу үчүн зарыл болгон тиешелүү документтерди бербеген учурда;
- Кардар ишенимсиз (анык эмес) документтерди берген учурда;
- Кардар жүргүзүлүүчү операциянын экономикалык негиздүүлүгүн жана Кардардын реалдуу экономикалык ишмердүүлүгүн тастыктаган эсеп боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн зарыл болгон тиешелүү документтерди бербеген учурда;
- эсепте 6 (алты) айдын ичинде каражаттардын жоктугу жана/же алардын кыймылы болбогон учурда;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

4.2.9. Банк операциянын мүмкүн болгон алдамчылык мүнөзүн көрсөткөн белгилер аныкталган учурда төмөнкүлөргө укуктуу:

- мындай операцияны жүргүзүүнү 30 (отуз) календардык күнгө чейинки мөөнөткө токтото турууга;
- катталган байланыш телефон номерине чалуу, SMS-код жөнөтүү же Банктын бөлүмүнө жеке кайрылуу аркылуу Кардардан операцияны кошумча ырастоону талап кылууга;
- текшерүү жүргүзүлүп жаткан мезгилге Кардардын эсеби/картасы боюнча операцияларды жүргүзүүгө убактылуу чектөөлөрдү белгилөөгө;
- алдамчылык фактысы ырасталган учурда картаны бөгөттөөгө жана/же эсеп боюнча операцияларга чектөө коюуга.
- Банк операциянын токтото турулгандыгы жөнүндө Кардарга ушул Офертанын 4.2.10-пунктуна ылайык билдирет.

4.2.10. Банк шектүү активдүүлүк жана/же алдамчылыктын белгилери аныкталгандыгына байланыштуу операцияларды жүргүзүүгө убактылуу чектөөлөрдүн колдонулганы жөнүндө Кардарга билдирүүгө милдеттүү. Билдирүү төмөнкү ыкмалардын бири же бир нечеси аркылуу жөнөтүлөт:

- Кардардын катталган байланыш телефон номерине SMS-билдирүү аркылуу;
- Банктын мобилдик колдонмосундагы push-билдирүү аркылуу (эгер бар болсо);
- Кардар көрсөткөн электрондук почтанын дарегине (эгер бар болсо).

Перифериялык түзмөктөр аркылуу нак акча каражаттарын берүүгө убактылуу чектөө 24 (жыйырма төрт) саатка чейинки мөөнөткө, максималдуу сумма көрсөтүлүү менен белгиленет. Эсеп боюнча бардык операцияларга убактылуу чектөө 30 (отуз) календардык күнгө чейинки мөөнөткө белгиленет.
Билдирүүдө Банк Кардар операцияны ырастоо же четке кагуу үчүн байланышуу ыкмаларын көрсөтөт.
4.2.11. Банк Кардар тарабынан көрсөтүлгөн байланыш номерлерине Банктын кызмат көрсөтүүлөрүндөгү, тарифтериндеги жана акцияларындагы өзгөрүүлөр жөнүндө билдирүүлөрдү жана маалыматтарды жөнөтүүгө укуктуу.
4.2.12. Банк транзакцияларды талдоо жана алдамчылыктын белгилери бар операцияларды аныктоо үчүн реалдуу убакыт режиминде автоматтык фрод-мониторинг технологияларын колдонууга укуктуу. Фрод-мониторинг системасынын чечимдери ушул Офертанын 4.2.9-пунктуна ылайык операцияны токтото туруу үчүн негиз боло алат.
4.2.13. Алдамчылык операциясынын белгилери болгон учурда, Банк муздатуу мезгилин – акча каражаттарын которуу боюнча операцияны аткарууну 24 (жыйырма төрт) саатка чейинки мөөнөткө убактылуу кечеңдетүүнү – Кардарга операцияны жокко чыгаруу мүмкүнчүлүгүн берүү максатында колдонууга укуктуу. Муздатуу мезгилинин колдонулганы жөнүндө Банк ушул Офертанын 4.2.10-пунктунда каралган ыкмалар аркылуу Кардарга токтоосуз билдирет.
4.2.14. Банк уруксат берилбеген операциялар боюнча Кардардын дооматын жазуу жүзүндөгү арызды алган учурдан тартып 30 (отуз) жумуш күнүнөн ашпаган мөөнөттө карооо

милдеттүү. Кароонун жыйынтыгы боюнча Банк кабыл алынган чечим жөнүндө Кардарга билдирет. Татаал учурларда кароо мөөнөтү Кардарга жазуу жүзүндө билдирүү менен 60 (алтымыш) жумуш күнүнө чейин узартылышы мүмкүн.

4.2.15. Банк Кардарга алдамчылык схемалары жана картаны коопсуз пайдалануу эрежелери жөнүндө маалыматтык билдирүүлөрдү SMS, push-билдирүүлөр, электрондук почта аркылуу, ошондой эле Банктын расмий веб-сайтына маалымат жайгаштыруу жолу менен жөнөтүүгө укуктуу. Ушул Офертаны акцепттөө менен Кардар мындай билдирүүлөрдү алууга макулдугун билдирет.

4.3. Кардар төмөнкүлөргө милдеттенет:

4.3.1. Ушул Офертаны акцепттөөдө эсепке ушул Офертанын 1.4-пунктунда каралган баштапкы салымдын суммасына тең же андан жогору өлчөмдө нак же нак эмес акча каражаттарын салууга.

4.3.2. Эсеп ачуу же операция жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Банктын ички ченемдик документтеринде каралган талап кылынган документтердин толук топтомун берүүгө.

4.3.3. Эсепти акча каражаттарын сактоо жана топтоо, ошондой эле карта боюнча акча каражаттарынын кыймылы жана транзакциялар үчүн пайдалануга жана үчүнчү жактар менен коммерциялык жана/же ушуга окшош ишмердүүлүк боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзбөөгө.

4.3.4. Белгиленген лимиттин чегинде карта аркылуу эсеп боюнча транзакцияларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына (анын ичинде банктык эрежелерге), Келишимге жана «Картаны пайдалануу эрежелерине» ылайык жүргүзүүгө.

Карта аркылуу жүргүзүлгөн төлөмдөр система тарабынан иштетилген учурдан тартып кайтарылгыс болуп эсептелет. Карта колдонуу менен жүргүзүлгөн операция Кардар операция жасалган учурдан тартып 3 (үч) күндүн ичинде аны талашуу үчүн Банкка кайрылбаса, ырасталган деп эсептелет.

4.3.5. Банктын кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркын ушул Офертанын шарттарына жана Банктын колдонуудагы тарифтерине ылайык төлөөгө, ошондой эле Банктын https://eib.kg/static/documents.html расмий сайтында жайгаштырылган ушул Офертанын, Эрежелердин жана Тарифтердин шарттарындагы өзгөрүүлөрдү өз алдынча көзөмөлдөөгө.

4.3.6. Кардар – банктык төлөм картасынын ээси анын сакталышын жана жетүү каражаттарынын купуялуулугун камсыз кылууга **милдеттүү**. Банктык төлөм картасын, картанын реквизиттерин, логиндерди, сырсөздөрдү жана башка аутентификация каражаттарын сатууга, өткөрүп берүүгө, пайдалануга берүүгө же башка жол менен үчүнчү жактар тарабынан колдонулушуна жол берүүгө **катуу тыюу салынат**. Кардар картага жана эсепке уруксатсыз кирүүгө **жол бербөөгө**, ПИН-кодду, коддук сөздү жана эсепти башкарууга жана операцияларды жүргүзүүгө зарыл болгон башка маалыматтарды ачыкка чыгарбоого **милдеттүү** жана үчүнчү жактардын көрсөтмөсү же кызыкчылыгы үчүн карта колдонуу менен укукка каршы аракеттерди жүзөгө ашыруу максатында жүргүзүлгөн бардык операциялар үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык **толук жоопкерчилик тартат.**

Алдамчылыктын алдын алуу максатында Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү:

- ПИН-кодду, коддук сөздү, OTP-коддорду, картанын реквизиттерин (номерди, CVV2 кодун, колдонуу мөөнөтүн) телефон, электрондук почта же мессенджерлер аркылуу, анын ичинде өздөрүн Банктын, КР Улуттук банкынын же укук коргоо органдарынын кызматкерлери катары таанышпырган адамдарга эч качан билдирбөөгө;
- купуя маалыматтарды билдирүүнү же «акча каражаттарын коргоо», «коопсуз эсепке которуу» жана ушул сыяктуу себептер менен акча которууну талап кылган чалуулар келип түшкөн учурда, сүйлөшүүнү токтоосуз токтотууга;
- картанын реквизиттерин киргизүүнү сунуштаган шектүү SMS-билдирүүлөрдөгү, электрондук каттардагы же мессенджерлердеги билдирүүлөрдөгү шилтемелерге өтпөөгө;
- АБТга кирүү үчүн пайдаланылган түзмөктөргө телефон аркылуу чалган адамдардын көрсөтмөсү боюнча программалык камсыздоону, анын ичинде алыстан башкаруу программаларын орнотпоого;
- чалуунун аныктыгына карата кандайдыр бир күмөн жаралган учурда, Банктын расмий

номерлерине өз алдынча кайра чалууга: +996 312 900 800, +996 775 900 800, +996 555 900 800, +996 703 900 800.

Жетүү каражаттарынын жана аутентификация маалыматтарынын сакталышы жана өткөрүлүп берилиши боюнча Тараптардын жоопкерчилигин бөлүштүрүү, ошондой эле аларды үчүнчү жактарга өткөрүп берүүнүн кесепеттери ушул Офертанын № 7 тиркемесинде белгиленет.

4.3.7. Карта жоголгон (уурдалган, жоготулган ж.б.), бузулган (иштебей калган) же колдонуу мөөнөтү аяктаган учурда, ошондой эле ыйгарым укук берилбеген жактардын картага санкцияланбаган жетүүсү же эсепти тескөөгө жана карта боюнча транзакцияларды жүргүзүүгө зарыл болгон маалыматтардын (ПИН-код, коддук сөз ж.б.) ачыкка чыгып кетиши аныкталган учурда, бул тууралуу Банкка токтоосуз (мүмкүн болушунча кыска мөөнөттө) жазуу жүзүндө билдирүүгө. Мында мындай билдирүүнүн өз убагында берилиши үчүн бардык жоопкерчилик Кардарга жүктөлөт.

Кардар төмөнкү жагдайлардын кайсынысы болбосун аныкталган учурда, бул тууралуу Банкка токтоосуз, аныкталган учурдан тартып 24 сааттын ичинде билдирүүгө милдеттүү:

- Кардар тарабынан жүргүзүлбөгөн эсеп/карта боюнча операциялар аныкталганда;
- Кардар тарабынан кандайдыр бир операция демилгеленбегенине карабастан, OTP-код алынганда.

Билдирүү үчүн: Банктын Байланыш-борбору: **+996 312 900 800, +996 775 900 800, +996 555 900 800, +996 703 900 800** (күнү-түнү).

4.3.8. Келишим бузулган учурда, ошондой эле Кардар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын, Келишимдин шарттарын же «Картаны пайдалануу эрежелерин» бузган учурда Банктын биринчи талабы боюнча картаны Банкка кайтарып берүүгө.

4.3.9. «Картаны пайдалануу эрежелери» менен таанышууга, аларды так билүүгө жана так сактоого.

4.3.10. Кардар эсепти эмгек акыны жана башка төлөмдөрдү Банктын айлык долбоорунун алкагында (Кардар жана анын иш берүүчүсү катышкан) эсепке которуу үчүн пайдаланган учурда, Кардар менен анын иш берүүчүсүнүн ортосунда түзүлгөн эмгек келишими бузулган учурда, кызматтан бошотулган күндөн тартып 3 (үч) күндүн ичинде картаны кайра жекелештирүү үчүн Банкка берүүгө.

4.3.11. Анкетада камтылган документтерде же маалыматтарда, анын ичинде даректе, телефон номерлеринде, электрондук почта дарегинде өзгөрүүлөр болгон учурда, мындай өзгөрүүлөр болгон күндөн тартып 5 (беш) жумуш күнүнөн кечиктирбестен жаңыртылган документтерди жана маалыматтарды Банкка берүүгө.

4.3.12. Кыргыз Республикасынын кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча мыйзамдарын сактоого жана Банктын талабы боюнча жүргүзүлгөн операциялар боюнча ырастоочу документтерди берүүгө.

4.3.13. Кардар эсеп/карта боюнча көчүрмөнү үзгүлтүксүз текшерүүгө жана өзү жүргүзбөгөн операциялар жөнүндө Банкка операция жүргүзүлгөн күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндөн кечиктирбестен билдирүүгө милдеттүү. Көрсөтүлгөн мөөнөт аяктагандан кийин Банк дооматты кабыл алуудан баш тартууга укуктуу.

4.3.14. Кардар алдамчылардын таасири астында купуя маалыматтарды (ПИН-кодду, OTP-кодду, коддук сөздү, картанын реквизиттерин) үчүнчү жактарга өз ыктыяры менен бергендигинин кесепеттери үчүн жоопкерчилик тартат. Эгерде операцияны жүргүзүүдө туура аутентификация маалыматтары пайдаланылган болсо, Банк Кардар тарабынан өз ыктыяры менен жүргүзүлгөн операцияны алдамчылардын таасири астында жүргүзүлгөн операциядан техникалык жактан айырмалай албайт.

4.3.15. Кардар мобилдик банкингге кирүү үчүн расмий дүкөндөрдөн (App Store, Google Play) жүктөлүп алынган Банктын расмий мобилдик колдонмосун гана пайдалануу милдеттүү. Кардар расмий эмес, өзгөртүлгөн же үчүнчү жактар тарабынан сунушталган программалык камсыздоону пайдалангандыктан келип чыккан кесепеттер үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.

4.4. Кардар төмөнкүлөргө укуктуу:

4.4.1. Эсептеги акча каражаттарын өз алдынча тескөөгө, эсепке нак же нак эмес акча

каражаттарын салууга (эсепти толуктоого), эсептен нак акча каражаттарын алууга (накталоого), карта аркылуу сатып алынган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөөгө, эсептен башка банктык эсепке накталай эмес тартипте акча каражаттарын которууга жана/же банкомат же НБП аркылуу нак акча каражаттарын алууга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана банктык эрежелерге ылайык (картанын түрүнө жараша) башка транзакцияларды жүргүзүүгө.

4.4.2. Жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде же банкомат аркылуу ПИН-кодду жана лимитти белгилөөгө жана өзгөртүүгө, ошондой эле картанын колдонуу мөөнөтүн узартууга. Картанын колдонуу мөөнөтү аяктагандан кийин Кардар анын мөөнөтүн узарта алат (эгер карта мөөнөтү аяктагандан кийин Кардар аны узартпаса, анын мөөнөтүн каалаган убакта узартууга укуктуу) же картаны Банкка кайтарып берүү менен Келишимди бузуп, эсептеги калган акча каражаттарын кайтарып ала алат.

4.4.3. Жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде коддук сөздү белгилөөгө жана өзгөртүүгө.

4.4.4. Карта жоголгон (уурдалган, жоготулган ж.б.), бузулган (иштебей калган) же колдонуу мөөнөтү аяктаган учурда, Банкка билдирүүнүн Келишимде белгиленген тартибин сактоо жана тиешелүү кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөм жүргүзүү шартында жаңы карта алууга.

4.4.5. Биринчи суроо-талабы боюнча, жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде Банктан өз эсеби боюнча акча каражаттарынын кыймылы жана калдыгы жөнүндө маалыматты жазуу жүзүндө алууга (эсеп боюнча көчүрмө).

4.4.6. Кардардын оозеки кайрылуусунун негизинде (Банкка коддук сөздү билдирүү шарты менен), анын ичинде телефон аркылуу кайрылганда эсептеги акча каражаттарынын калдыгы жөнүндө маалыматты оозеки түрдө алууга.

4.4.7. Банктын иш графигине ылайык каалаган жумуш убактысында картаны бөгөттөө жөнүндө жазуу жүзүндөгү арыз менен кайрылууга.

4.4.8. Эсеп боюнча операцияларды жүргүзүүгө жана картаны пайдаланууга байланышкан маселелер боюнча консультация алууга.

4.4.9. Кардар сутканын каалаган убагында (24/7) уруксатсыз операциялар аныкталганда же карта жоголгон учурда картаны жана/же эсепти токтоосуз бөгөттөө талабы менен Банкка телефон аркылуу, мобилдик колдонмо аркылуу же Банктын бөлүмүнө жеке кайрылууга укуктуу.

4.4.10. Кардар уруксатсыз жүргүзүлгөн операциянын фактысы боюнча Банкка операция аныкталган учурдан тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде жазуу жүзүндө доомат берүүгө жана ушул Офертанын 4.2.13-пунктунда каралган мөөнөттөрдө жүйөлөштүрүлгөн жазуу жүзүндөгү жооп алууга укуктуу.

4.4.11. Кардар уруксатсыз жүргүзүлгөн операция боюнча өзү берген дооматтын каралышынын натыйжалары, анын ичинде кабыл алынган чечимдин негиздери жөнүндө Банктан маалымат алууга укуктуу.

4.4.12. Кардар алдамчылык аракеттеринен келип чыгышы мүмкүн болгон зыяндын көлөмүн азайтуу максатында карта аркылуу жүргүзүлүүчү операциялар боюнча лимиттерди Банкка жазуу жүзүндөгү арыз берүү же мобилдик колдонмо аркылуу (тиешелүү функция болгон учурда) өз алдынча белгилөөгө жана өзгөртүүгө укуктуу.

5. Маалыматтык коопсуздук боюнча талаптар

5.1. Тараптар Банктын тутумдарын (аралыктан «онлайн» же жергиликтүү «офлайн» режиминде) пайдалануу маалыматтык коопсуздук жаатындагы тобокелдиктер менен байланыштуу экендигин, анын ичинде уруксатсыз жетүү, эсептик маалыматтардын жана электрондук кол тамга каражаттарынын компрометацияланууу тобокелдиги бар экендигин тааныйт.

5.2. Тараптар ушул Офертада, «ЭкоИсламикБанк» ЖАКтын Маалыматтык коопсуздук саясатында, Купуялуулук саясатында (№ 6 тиркеме) белгиленген маалыматтык коопсуздук талаптарын сактоого, ошондой эле маалыматты коргоо жана маалыматтык коопсуздук инциденттеринин алдын алуу боюнча акылга сыярлык жана жетиштүү чараларды көрүүгө милдеттенишет.

5.3. Банк төмөнкүлөргө милдеттүү:

- ушул келишимдин предметине кирген жана Банктын жоопкерчилик чөйрөсүндө болгон тутумдардын заманбап маалыматты коргоо механизмдерин колдонуу менен иштешин

камсыз кылууга, анын ичинде:
- байланыш каналдарын шифрлөөнү;
- колдонуучуларды аутентификациялоо жана авторизациялоо механизмдерин;
- уруксатсыз жетүүдөн коргоо чараларын колдонууга;

− электрондук кол тамга менен кол коюлган электрондук документтердин бүтүндүгүн жана аныктыгын контролдоону камсыз кылууга;
− Кардарлар тарабынан жүргүзүлгөн операцияларга байланыштуу окуяларды каттоону жана сактоону (логдоштурууну) камсыз кылууга;
− Банктын кызматкерлеринин Кардарлардын маалыматтарына жетүүсүн минималдуу зарыл болгон жетүү принцибинин негизинде чектөөгө;
− Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык Кардарлардын жеке жана финансылык маалыматтарын коргоону камсыз кылууга;
− маалыматтык коопсуздук инциденттерине мониторинг жүргүзүүгө жана алардын алдын алуу жана жоюу боюнча чараларды көрүүгө;
− Кардардын операцияларынын коопсуздугуна таасир этиши мүмкүн болгон аныкталган инциденттер жөнүндө, мындай мүмкүнчүлүк болгон учурда, Кардарга маалымдоого.

5.4. Банк төмөнкү учурлар үчүн жоопкерчилик тартпайт:
− Кардардын күнөөсүнөн улам аутентификациялоо жана электрондук кол тамга каражаттарынын компрометацияланышы;
− Кардар тараптан үчүнчү жактардын Банктын тутумдарын (аралыктан «онлайн» же жергиликтүү «офлайн» режиминде) пайдалануусу;
− Кардардын коопсуздугу камсыз кылынбаган түзмөктөрдү же байланыш каналдарын пайдалануусунун кесепеттери.

5.5. Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү:
− төмөнкү маалыматтардын купуялуулугун жана сакталышын камсыз кылууга:
- логиндин жана сырсөздүн;
- бир жолку коддордун (OTP);
- ПИН-коддордун жана электрондук кол тамганын жабык ачкычтарынын (анын ичинде токендердин);

− аутентификациялоо каражаттарын жана/же электрондук кол тамганы үчүнчү жактарга бербөөгө;
− Банктын тутумдарына жетүүнү талаптагыдай башкарууну камсыз кылууга;
− Банктын тутумдарын зыяндуу программалык камсыздоодон корголгон ишенимдүү түзмөктөр аркылуу гана пайдалануга;
− Кардарга жеке түзмөктөрдү (компьютер, мобилдик телефон ж.б.) пайдалануу зарыл болгон учурларда программалык камсыздоону жана антивирустук коргоону үзгүлтүксүз жаңыртып турууну камсыз кылууга;
− документтерге электрондук кол тамга менен кол коюудан мурда алардын реквизиттерин жана мазмунун текшерүүгө;
− төмөнкү учурлар жөнүндө Банкка токтоосуз билдирүүгө:
- аутентификациялоо же электрондук кол тамга каражаттары жоголгон же компрометацияланган учурда;
- уруксатсыз жетүү болгондугуна шектенүү пайда болгон учурда;
- уруксатсыз операциялар аныкталган учурда.

5.6. Кардар төмөнкүлөргө байланыштуу тобокелдиктерди өзүнө алат:
− жөнөкөй же компрометацияланган сырсөздөрдү пайдалануга;
− эсептик маалыматтарды жана ПИН-коддорду ачык түрдө сактоого;
− жалпыга жеткиликтүү же корголбогон түзмөктөрдү пайдалануга.

5.7. Жетүү каражаттарынын компрометацияланган дыгына шектенүү пайда болгон учурда, Кардар токтоосуз төмөнкүлөргө милдеттүү:
− белгиленген байланыш каналдары аркылуу Банкка билдирүүгө;
− жагдайлар такталганга чейин Банктын тутумдарын (аралыктан «онлайн» же жергиликтүү «офлайн» режиминде) пайдалануу токтотууга.

5.8. Банк төмөнкүлөргө укуктуу:
− интернет-банкингге жеткиликтүүлүктү убактылуу бөгөттөөгө;

- операцияларды аткарууну токтото турууга;
- кайра аутентификациялоону же башка жол-жоболорду өткөрүүнү талап кылууга.

5.9. Жетүү каражаттарынын жана аутентификация маалыматтарынын сакталышы жана өткөрүлүп берилиши боюнча Тараптардын жоопкерчилигин бөлүштүрүүнүн тартиби ушул Офертанын № 7 тиркемесинде белгиленет.

6. Банктын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн төлөмдүн өлчөмү жана тартиби

6.1. Кардар Келишимдин алкагында көрсөтүлгөн Банктын кызматтары үчүн төлөмдү транзакция жүргүзүлгөн же кызмат көрсөтүлгөн учурда колдонуудагы Банктын бекитилген тарифтерине ылайык төлөйт. Банктын тарифтери Банктын ички ченемдик актылары менен белгиленет жана бекитилет жана Банк тарабынан бир тараптуу тартипте өзгөртүлүшү мүмкүн.

6.2. Төлөм ар бир учурда Банк тарабынан транзакция жүргүзүлгөндөн же кызмат көрсөтүлгөндөн кийин акцептсиз тартипте, Кардардын эсебинен акча каражаттарын эсептен чыгаруу аркылуу же Кардар тарабынан тиешелүү сумманы Банктын кассасына накталай түрдө салуу жолу менен алынат.

6.3. Эгерде Кардар эсепти эмгек акыны жана башка төлөмдөрдү Банктын айлык долбоорунун алкагында (Кардар жана анын иш берүүчүсү катышкан) эсепке которуу үчүн пайдаланса, жана Кардар менен анын иш берүүчүсүнүн ортосунда түзүлгөн эмгек келишими бузулган учурда, Кардар тарабынан Банктын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн төлөмдүн өлчөмү Банктын колдонуудагы тарифтерине ылайык өзгөртүлөт.

6.4. Кардар ушул аркылуу ушул Офертанын 4.2.5 жана 5.2-пункттарында көрсөтүлгөн учурларда өз эсебинен акча каражаттарын акцептсиз тартипте эсептен чыгарууга кайтарылгыс макулдугун берет.

7. Тараптардын жоопкерчилиги

7.1. Банк Кардардын эсеби боюнча операцияларды өз убагында жана туура жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

7.2. Кардар картаны үчүнчү жактарга берүү же ыйгарым укук берилбеген жактардын картага санкцияланбаган жеткиликтүүлүгүнө жол берүү үчүн, ошондой эле эсепти башкаруу жана карта боюнча транзакцияларды жүргүзүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды (ПИН-код, коддук сөз ж.б.) ачыкка чыгаруу үчүн толук жоопкерчилик тартат.

7.3. Карта ээсинин тарабынан эсеп боюнча жүргүзүлгөн операциялар үчүн жоопкерчилик Кардарга жүктөлөт. Кардар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын, Келишимдин шарттарын же «Картаны пайдалануу эрежелерин» бузгандыгынын натыйжасында келип чыккан зыян үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.

7.4. Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык шектүү бүтүмдөр жана операциялар тууралуу белгиленген тартипте маалымат берүү боюнча мыйзамда каралган милдеттерди укук чегинде аткарган учурда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда Кардардын эсеби боюнча операцияларды токтоткон учурда Кардарга келтирилген чыгымдар, алынбай калган пайда же моралдык зыян үчүн жоопкерчиликтен бошотулат.

7.5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда эсеп боюнча операцияларды токтото туруу, эсеп боюнча операция жүргүзүүдөн баш тартуу, ошондой эле Келишимди бузуу жана Кардардын эсебин жабуу Банктын жарандык-укуктук же башка жоопкерчилигинин келип чыгышына негиз болуп саналбайт.

7.6. Тараптардын эч бири Келишим түзүлгөндөн кийин пайда болгон жеңилгис күч жагдайлардын (форс-мажор) кесепетинен Келишим боюнча милдеттенмелерин толук же жарым-жартылай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик тартпайт. Мындай жагдайларга, атап айтканда: суу ташкыны, өрт, жер титирөө жана башка табигый кырсыктар, эмбарго, мамлекеттик төңкөрүштөр, иш таштоолор, массалык баш аламандыктар, согуш же аскердик аракеттер, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана/же Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан санкциялык, чектөөчү же тыюу салуучу чаралардын киргизилиши кирет.

7.7. Келишимде каралбаган Тараптардын жоопкерчилик чаралары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык колдонулат.

7.8. Банк төмөнкү учурларда Кардар тарабынан алдамчылык операциялардын натыйжасында тартылган чыгымдар үчүн жоопкерчилик тартпайт:

- операция Кардар тарабынан үчүнчү жактарга өз ыктыяры менен берилген туура ПИН-кодду жана/же OTP-кодду пайдалануу менен жүргүзүлгөн болсо;
- Кардар ушул Офертанын 4.3.6, 4.3.7, 4.3.13–4.3.15-пункттарынын жана/же Картаны пайдалануу эрежелеринин 13, 13-А-бөлүмдөрүнүн талаптарын бузса;
- Кардар уруксатсыз жүргүзүлгөн операция аныкталган учурдан тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде бул тууралуу Банкка билдирбесе;
- Кардар мобилдик банкингге кирүү үчүн пайдаланылган түзмөккө үчүнчү жактардын жетүүсүнө мүмкүнчүлүк берсе.

Жетүү каражаттарын үчүнчү жактарга берүү учурундагы Тараптардын жоопкерчилигин бөлүштүрүү ушул Офертанын № 7 тиркемесинде белгиленген.

7.9. Алдамчылыктын белгилери болгон учурда Банк тарабынан ушул Офертанын 4.2.9–4.2.13-пункттарына ылайык жүргүзүлгөн операцияны токтото туруу, муздатуу мезгилин колдонуу, лимиттерге убактылуу чектөө коюу жана картаны бөгөттөө Банкты жарандык-укуктук жоопкерчиликке тартууга негиз болуп саналбайт.

7.10. Банк аныкталган алдамчылык операциялары жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык ыйгарым укуктуу органдарга берүүгө милдеттүү. Мындай маалыматты берүү банктык сырды бузуу болуп саналбайт жана Банкка Кардар алдында жоопкерчилик жүктөөгө алып келбейт.

7.11. Кардар мобилдик колдонмого кирүү үчүн пайдаланылган түзмөктүн, ошондой эле аутентификациялоо каражаттарынын сакталышы үчүн жоопкерчилик тартат жана аларды үчүнчү жактарга бербөөгө милдеттүү.

8. Келишимдин колдонулуу мөөнөтү

8.1. Ушул Оферта Кардар тарабынан акцепттелген күндөн тартып түзүлгөн болуп эсептелет жана ушул Офертанын шарттарына ылайык бузулганга чейин күчүндө болот.

8.2. Банк ушул Офертанын 4.2.8-пунктунда каралган учурларда эсеп жабылганга чейин 30 (отуз) күн мурда Кардарды милдеттүү түрдө маалымдоо менен Келишимди бир тараптуу тартипте бузууга укуктуу.

8.3. Кардар Банк тарабынан киргизилген өзгөртүүлөр менен макул болбогон учурда, мындай өзгөртүүлөр күчүнө кирген күнгө чейин Банкка тиешелүү арыз берүү аркылуу Келишимди бузууга укуктуу.

9. Корутунду жоболор

9.1. Ушул Офертаны акцепттөө менен Кардар акцептке чейин ушул Офертанын шарттары, Офертага бардык тиркемелер, Банктын Тарифтери жана Эрежелери, «ЭкоИсламикБанк» ЖАКтын кызматтарын пайдалануу боюнча нускамалары, ошондой эле «ЭкоИсламикБанк» ЖАКтын Купуялуулук саясаты менен Банктын https://eib.kg/static/documents.html сайтында жайгаштырылган материалдар аркылуу таанышканын тастыктайт, алардын шарттарына толук жана шарт койбостон макулдугун билдирет жана аталган документтерге киргизилген өзгөртүүлөрдү, анын ичинде ушул Офертанын шарттарын, ага бардык тиркемелерди жана Банктын Тарифтерин өз алдынча көзөмөлдөөгө милдеттенет.

9.2. Ушул Офертаны акцепттөө менен Кардар аманаттарды коргоо системасынын макамы боюнча түшүндүрмөлөрдү алганын жана төмөнкүлөрдү түшүнөрүн тастыктайт:

9.2.1. Кепилдик учур келип чыкканда Кыргыз Республикасынын «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамына ылайык ар бир аманатчыга жалпы суммасы 1 000 000 (бир миллион) сом 00 тыйындан ашпаган өлчөмдө компенсация төлөнөт.

9.2.2. Эгер кепилдик учур бир нече катышуучу банктарга, катышуучу микрофинансылык компанияларга жана катышуучу турак жай-сактык кредиттик компанияларга карата келип чыкса, анда аманатчы ар бир банк, микрофинансылык компания жана турак жай-сактык кредиттик компания боюнча өз-өзүнчө компенсация алууга укуктуу.

9.2.3. Кыргыз Республикасынын депозиттерди коргоо боюнча агенттиги Кыргыз Республикасында депозиттерди коргоо системасынын ишин камсыз кылат, депозиттерди коргоо фондунун активдерин башкарат жана кепилдик учур келгенде мыйзамга ылайык аманатчыларга депозиттердин суммасын жана алар боюнча пайыздарды төлөп берет.

9.2.4. Депозиттерди коргоо системасынын финансылык камсыздоосу болуп Кыргыз Республикасынын депозиттерди коргоо боюнча агенттиги тарабынан башкарылуучу депозиттерди коргоо фонду эсептелет.
9.2.5. Депозиттерди коргоо системасы жөнүндө кошумча маалыматты Кыргыз Республикасынын депозиттерди коргоо боюнча агенттигинен төмөнкү дарек боюнча алууга болот: Бишкек ш., Москва көчөсү 190. Байланыш маалыматтары: тел. (0312) 456-456, 455-527. Электрондук почта: deposit@deposit.kg. Расмий сайты: www.deposit.kg
9.3. Тараптар карта аркылуу жүргүзүлгөн бардык операцияларды Кардар тарабынан жүргүзүлгөн операциялар катары таанышт.
9.4. Келишимди аткарууга байланыштуу Тараптардын ортосунда талаш-тартыштар келип чыккан учурда, Тараптар аларды сүйлөшүү жолу менен чечүү үчүн бардык чараларды көрүшөт.
9.5. Талаш-тартыштарды сүйлөшүү жолу менен чечүү мүмкүн болбогон учурда, алар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот тартибинде чечилет.
9.6. Банк менен Кардардын ортосунда Келишимде каралбаган мамилелер келип чыккан учурда, Тараптар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын жетекчиликке алышат.
9.7. Оферта жана ага бардык тиркемелер электрондук формада жайгаштырылат жана колдонулат. Эгерде тексттердин ортосунда айырмачылык же келишпестик жаралса, Банктын расмий сайтында жайгаштырылган жана ошол учурда күчүндө болгон редакциясы колдонулат.
9.8. Кепилдик учур келгенде Кыргыз Республикасынын «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын депозиттерди коргоо боюнча агенттиги мыйзамда каралган тартипте, өлчөмдө жана шарттарда компенсация төлөмүн кепилдейт.

Төмөнкү жеке жактардын жана жеке ишкерлердин депозиттери мыйзам талаптарына ылайык компенсацияланбайт:
1) банк менен байланышкан жактардын депозиттери;
2) акыркы 3 (үч) жыл ичинде банктын чет өлкөлүк консультанттары же тышкы аудиторлору болгон жактардын депозиттери;
3) юридикалык жактын тапшырмасы (ишеним каты) боюнча жайгаштырылган депозиттер;
4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чектөөлөр коюлган же камакка алынган депозиттер;
5) Кыргыз Республикасынан тышкары жайгашкан банк-резиденттин филиалдарындагы депозиттер.
9.9. Ушул Офертага бардык тиркемелер Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана Банктын расмий сайтында жайгаштырылган: https://eib.kg/static/documents.html.
9.10. Банк Кардарларга колдонулуп жаткан алдамчылык схемалары жана алардан коргонуу ыкмалары жөнүндө тиешелүү материалдарды Банктын расмий веб-сайтына: https://eib.kg/static/documents.html, ошондой эле SMS, push-билдирүүлөр жана Банктын бөлүмдөрүндөгү маалыматтык стенддер аркылуу жайгаштыруу жолу менен туруктуу негизде маалымдап турууга милдеттенет.
9.11. Ушул Офертанын шарттарын акцепттөө менен Кардар алдамчылыктын негизги схемалары (вишинг, фишинг, SIM-своппинг, скимминг, социалдык инженерия) менен таанышкандыгын, Банк телефон, электрондук почта же мессенджерлер аркылуу ПИН-кодду, OTP-коддорду, CVV2 кодун жана коддук сөздү эч качан сурабай тургандыгын түшүнгөндүгүн ырастайт жана ушул Офертада жана ага карата № 5 тиркемеде белгиленген картаны жана эсепти коопсуз пайдалануу эрежелерин сактоого милдеттенет.

Банк:
«ЭкоИсламикБанк» ЖАК
720005, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Геологиялык чолок көч., 17.

«Кард» келишимин (жеке жактын талап боюнча төлөнүүчү банктык эсеби) түзүүгө Ачык Офертага № 1 Тиркеме

Жеке маалыматтар субъектинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугу

Мен, _____,

Кыргыз Республикасында ыйгарылган ПИН: _____

Өздүгүн тастыктаган документ: КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНЫНЫН ПАСПОРТУ, KG ID _____

МКК _____ _____ ж. берилген;

Иш жүзүндөгү жашаган дареги:_____

Катталган жеринин дареги: _____

Байланыш телефону: _____

ушул аркылуу «ЭКОИСЛАМИКБАНК» ЖАКка төмөнкүлөргө макулдук берем:

☐ менин жеке маалыматтарымды иштеп чыгууга (чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңылоо, өзгөртүү), топторго бөлүү);

☐ Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» мыйзамына жана жеке маалымат чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларга ылайык менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жактарга, анын ичинде «Банктар аралык Процессинг Борбору» ЖАКка өткөрүп берүүгө;

☐ Кыргыз Республикасынын «Кредиттик маалымат алмашуу жөнүндө» мыйзамына ылайык менин жеке маалыматтарымды кредиттик бюролорго андан ары иштеп чыгуу (чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңылоо, өзгөртүү), топторго бөлүү) үчүн өткөрүп берүүгө.

Макулдук төмөнкү жеке маалыматтарга жана алардын өзгөрүшү тууралуу маалыматтарга тиешелүү:

улуттук паспорттун түрү, ПИН, фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган күнү, документтин номери, документти берген мекеменин аталышы жана коду, берилген күнү, колдонуу мөөнөтү, жынысы, жүзүнүн санарип сүрөтү, жашаган жери, үй-бүлөлүк абалы.

Жеке маалыматтарды чогултуу жана иштеп чыгуу банктык кызмат көрсөтүүлөрдү алуу максатында гана жүргүзүлөт.

Ушул макулдук Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген жеке маалыматтарды же жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыган документтерди сактоо мөөнөтү аяктаганга чейин күчүндө болот.

Жеке маалыматтарды иштеп чыгууга берилген макулдук субъект тарабынан эркин формадагы жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде кайтарып алынышы мүмкүн. Макулдук кайтарып алынган учурда жеке маалыматтарды иштеп чыгуу Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» мыйзамынын 5 жана 15-беренелерине ылайык толук же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн.

Субъект жазуу жүзүндөгү кайрылуу аркылуу өзүнүн жеке маалыматтарын иштеп чыгууга байланыштуу маалыматты алууга укуктуу (Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» мыйзамынын 10-беренесине ылайык).

Мен Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» мыйзамынын жоболору, Жеке маалыматтар субъектинен анын жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугун алуу тартиби, ошондой эле жеке маалыматтарды үчүнчү жакка өткөрүп берүү жөнүндө субъекттерге билдирүүнүн тартиби жана формасы менен таанышканымды ырастайм. Бул тартип Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №759 токтому менен бекитилген.

Жеке маалыматтарды коргоо жаатындагы укуктарым жана милдеттерим мага түшүндүрүлдү.

Дата: _____ 2026-ж. _____

(күн, ай, жыл) Аты-жөнү Колу

«Кард» келишимин түзүүгө (жеке жактын талап боюнча төлөнүүчү банктык эсеби) Ачык Офертага № 2 Тиркеме

Жеке жактын банктык тейлөөгө АРЫЗ/АНКЕТАСЫ № (кардардын номери)
ЗАЯВЛЕНИЕ/АНКЕТА на банковское обслуживание физического лица № (номер клиента)

☐ **Баштапкы**
Первичная

☐ **Жаңыртылган**
Обновленная

Идентификациялык маалыматтар / Идентификационные сведения

Фамилиясы, аты, атасынын аты /Фамилия, имя, отчество	
Туулган датасы жана жери (документте бар болсо) /Дата и место рождения (при наличии в документе)	
Жынысы / Пол	
Улуту (документте бар болсо) /Национальность (при наличии в документе)	
ПИН (резидент үчүн) / ПИН (для резидента)	
Резиденттик статусу / Статус резидентства	
Жарандыгы / Гражданство	
Өздүгүн тастыктаган документ / Документ, удостоверяющий личность	
Чет өлкөлүк жарандын же жарандыгы жок адамдын КРда болуу (жашоо) укугун тастыктаган документ /Документ, подтверждающий право иностранного грждданина или лица без гражданства на пребывание (проживание) в КР	
Катталган дареги / Адрес регистрации	
Чыныгы жашаган (турган) жеринин дареги / Адрес места фактического проживания	
Үй-бүлөлүк абалы (кардардын айтуусу боюнча же документте бар болсо) / Семейное положение (со слов клиента или при наличии в документе)	
Иштеген жери жана кылган кесибинин түрү (кардардын айтуусу боюнча) / Место работы и род занятия (со слов клиента)	
Байланыш телефон, факс номерлери, электрондук почта дареги (бар болсо) /Номера контактных телефонов, факсов, адрес электронной почты (при наличии)	

Иш профили жөнүндө маалымат / Сведения о деловом профиле

Сиз коомдук кызмат адамы (ККА) болуп саналасызбы? / Являетесь ли вы публичным должностным лицом (ПДЛ)?	**Ооба /Да** ☐ ☐ **Жок /Нет** ***Жообуңуз «Ооба» болгон учурда, ККА анкетасын толтуруу зарыл.*** */ Если ваш ответ Да, необходимо заполнить анкету*

	ПДЛ.
Эсепти тескөө боюнча ыйгарым укуктуу ишенимдүү адамдарыңыз барбы? / Имеются ли у вас уполномоченные доверенные лица по распоряжению счетом?	**Ооба /Да ☐ ☐ Жок /Нет** ***Жообуңуз «Ооба» болгон учурда, ишенимдүү (ыйгарым укуктуу) адамдын анкетасын толтуруу зарыл (ар бир адамга өзүнчө)*** */ Если ваш ответ Да, необходимо заполнить анкету доверенного (уполномоченного) лица (на каждого отдельно).*
Сиз бенефициардык ээси болуп саналасызбы? / Являетесь ли вы бенефициарным владельцем?	**Ооба /Да ☐ ☐ Жок /Нет** ***Жообуңуз «Жок» болгон учурда, бенефициардык ээсинин анкетасын толтуруу зарыл (ар бир адамга өзүнчө)*** */ Если ваш ответ Нет, необходимо заполнить анкету бенефициарного владельца (на каждого отдельно)*
Банк менен иштиктүү мамилелердин максаты жана болжолдуу мүнөзү / Цель и предполагаемый характер деловых отношений с Банком	

Кошумча маалыматтар / Дополнительные сведения

Акча каражаттарынын келип чыгуу булагы / Происхождение денежных средств	***«Башка» тандалган учурда (кол менен көрсөтүңүз)****/ Если выбрано - Прочее (указать вручную)*
Акча каражаттарынын бир ай ичиндеги болжолдуу жүгүртүлүшү (сом эквивалентинде) / Предполагаемый оборот денежных средств за месяц в сомовом эквиваленте	**_____ _____сом**
Чет өлкөлүк банктарда эсептериңиз барбы? / Имеете ли вы счета в зарубежных банках?	**Жок /Нет ☐ ☐ Ооба/Да** *1.* ***Өлкө*** */ Страна_____* *2.* ***Эсеп ачылган чет өлкөлүк банктын аталышы*** */ Наименование банка за рубежом, в котором открыт счет.* _____ _____

Америка Кошмо Штаттарына кандайдыр бир катышыңыз барбы?

**АКШга карата катышы бар экендиги төмөнкү критерийлердин биринин болушун билдирет:*

1. **АКШ жарандыгы, анын ичинде салыктык максаттар үчүн (АКШда жашап туруу укугу бар адамдар, GREEN CARD ээлери, үстүбүздөгү жылы 31 күндөн ашык же акыркы 3 жыл ичинде жалпысынан 183 күндөн ашык АКШ аймагында болгондор);**
2. **АКШ аймагында туулгандыгы;**
3. **АКШда катталган же учурдагы жашаган дарегинин, анын ичинде абонементтик почта жашигинин (POST OFFICE BOX) болушу;**
4. **АКШда телефон номеринин (үй, жумуш/факс, мобилдик) болушу;**
5. **АКШ аймагында мүлктүк активдеринин/бизнесинин болушу;**
6. **АКШ аймагында коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүүдөн пайда (киреше) алышы;**
7. **АКШнын каалаган банкында ачылган эсептерге акча каражаттарын которушу (чегериши);**
8. **АКШ аймагында жашаган жеке адамга ишеним кат/кол тамга коюу укугун бергендиги;**
9. **«Өткөрүп берүү үчүн» же «талап кылынганга чейин» статусу менен эсеп боюнча корреспонденцияларды алуу үчүн дарегинин болушу;**
10. **АКШ салык төлөөчүсүнүн жеке номеринин (ITIN): социалдык камсыздандыруу номеринин (SSN) жана иш берүүчүнүн идентификациялык номеринин (EIN) болушу.**

☐ **Жок** ☐ **Ооба**

Критерийлердин жок дегенде бирөөнө жообуңуз «Ооба» болгон учурда, FATCA боюнча анкетаны толтуруңуз.

Имеете ли вы какое-либо отношение к Соединенным Штатам Америки?

**Отношение к США означает наличие одного из следующих критериев:*

1. **Гражданство США, в том числе для налоговых целей (лица с видом на жительство в США, держатель GREEN CARD, пребывали в США в течение более 31 дня в текущем году или более 183 дней в совокупности в течение 3-х последних лет);**
2. **Место рождения США?;**
3. **Имеете регистрационный или текущий адрес проживания в США, включая абонентский ящик (POST OFFICE BOX)?;**
4. **Имеете телефонный номер (домашний, рабочий/факс, мобильный) в США?;**
5. **Имеете ли вы имущественные активы/бизнес на территории США?;**
6. **Получаете ли вы прибыль от осуществления коммерческой деятельности на территории США?;**
7. **Будете ли вы перечислять денежные средства на счета открытые в любом банке США?;**
8. **Предоставляли ли вы доверенность/право подписи физическому лицу, проживающему на территории США?;**
9. **Есть ли у вас адрес для получения корреспонденции по счету со статусом «для передачи» или «до востребования»?;**
10. **Имеется индивидуальный номер налогоплательщика США (ITIN): номер социального страхования (SSN) и идентификационный номер работодателя (EIN)?**

☐ **Нет** ☐ **Да** *Если ваш ответ Да, хотя бы к одному из критериев, заполните анкету по FATCA*

Ушуну менен мен, төмөндө кол койгон адам, ушул Анкетада көрсөтүлгөн маалыматтардын толуктугун жана тууралыгын тастыктайм. Тейлөө шарттары мага түшүнүктүү, Банктын кызмат көрсөтүүлөрүнө болгон тарифтери жана комиссиялык сый акыларынын чендери менен макулмун. Ушул Анкетада көрсөтүлгөн маалыматтардагы бардык өзгөрүүлөр жөнүндө Банкка токтоосуз маалымдоого, ошондоо эле мындай маалыматтарды камтыган документтердин көчүрмөлөрүн берүүгө милдеттенем.

Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 14-апрелиндеги №58 «Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө» Мыйзамынын талаптарына ылайык, террористтик иште каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди

легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү төйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткаруу максатында, менин бардык жеке маалыматтарымды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугумду берем.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, компетенттүү мамлекеттик органдарга «ЭкоИсламикБанк» ЖАКта менин аманаттарымдын (салымдарымдын) жана мен алган каржылоонун (анын ичинде ипотекалык каржылоонун) бар экендиги жөнүндө маалыматтарды берүүгө макулдугумду билдирем.

Жеке маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу банктык кызматтарды алуу максатында гана жүргүзүлөт.

Арызда көрсөтүлгөн телефон номери жана электрондук дарек боюнча Банк тарабынан жөнөтүлгөн ар кандай каттар, билдирүүлөр жана башка маалымдоолор мен тарабынан алынды деп эсептелет.

Настоящим Я, нижеподписавшийся, подтверждаю полноту и достоверность данных, указанных в настоящей Анкете. Условия обслуживания мне понятны, с тарифами на услуги и ставками комиссионных вознаграждений Банка согласен(а). Обязуюсь незамедлительно предоставить информацию обо всех изменениях данных, указанных в настоящей Анкете, а также обязуюсь предоставить копии документов, содержащие такие сведения.

В соответствии с требованиями Закона Кыргызской Республики «Об информации персонального характера» от 14 апреля 2008 года №58, даю согласие на сбор и обработку всех моих персональных данных в целях выполнения требований законодательства Кыргызской Республики в сфере противодействия финансированию террористической деятельности и легализации (отмыванию) преступных доходов.

Выражаю свое согласие на предоставление сведений о наличии моих вкладов и полученного мной финансирования (в том числе ипотечного) в ЗАО «ЭкоИсламикБанк» компетентным государственным органам в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

Сбор, обработка персональных данных осуществляется исключительно в целях получения банковских услуг.

Любые письма, уведомления и иное информирование со стороны Банка по указанному в заявлении телефонному номеру и электронному адресу будут считаться мною полученными.

«___»_____20__жылы/года _____ _____

***кардардын Ф.А.А.** / Ф.И.О. клиента* ***Колу** / Подпись*

***Банктын белгилери** / Отметки Банка*_____

Кардар - жеке жактын анкетасына карата:

К анкете клиента - физического лица: _____,

***«____»_____20___-ж. түзүлгөн** / составленной*

Бул анкетада берилген маалыматтарды маалыматтар базасына киргизген күн 00.00.0000-ж. Дата занесения сведений, изложенных в данной анкете, в базу данных 00.00.0000г.				
00.00.0000-ж. **карата тизме боюнча кардарды – жеке жакты текшерүү:** **Проверка клиента – физического лица по перечням на** *00.00.0000г.:*				**бар/ жок значится/ не значится**
Санкциялык / Санкционные				
Аларга карата кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) катышкандыгы тууралуу маалыматтар бар адамдар, топтор жана уюмдар. / **Лиц, групп и организаций, в отношении которых имеются сведения об их участии в легализации (отмывании) преступных доходов.**				
Кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууну (адалдоону), террористтик же экстремисттик ишти жүзөгө ашыргандыгы, ошондой эле бул ишти каржылагандыгы үчүн жаза мөөнөтүн өтөгөн адамдарга. / **Лиц, отбывших наказание за осуществление легализации (отмывания) преступных доходов, террористической или экстремистской деятельности, а также за финансирование данной деятельности.**				
Тобокелдик деңгээлин баалоо /Оценка уровня риска	**Дата**	**Тобокелдик деңгээлин баалоо негиздемеси / Обоснование оценки уровня риска**	**Адистин колу/ Подпись специалиста**	**Верификатор дун колу / Подпись верификатора**
	00.00.0000			

Идентификация жүргүзүлдү /Идентификация проведена	00.00.0000		**Адистин колу/ Подпись специалиста**	
Верификациялоо жүргүзүлдү/ Верификация проведена	00.00.0000		**Верификатордун колу / Подпись верификатора**	

Кардардын – жеке жактын анкета маалыматтарын жаңыртуу жөнүндө маалымат:
(иштелип чыккан анкетада толтурулат)
/ Сведения об обновлениях анкетных данных клиента – физического лица:
(заполняется в отработанной анкете)

Анкетадагы маалыматтарды жаңыртуу күнү /Дата обновления сведений в анкете	**Анкетадагы маалыматтарды жаңыртуунун себеби / Причина обновления анкетных данных**	**Адистин колу /Подпись специалиста**	**Верификатордун колу / Подпись верификатора**

«Кард» келишимин (жеке жактын талап боюнча төлөнүүчү банктык эсеби) түзүүгө Ачык Офертага № 3 Тиркеме

ЗАО «ЭкоИсламикБанк»

_____

От

_____(Ф.И.О.)_____

Заявление

Прошу Вас открыть депозитный счет до востребования Кард

Договор прошу заключить со мной на русском языке ☐ на кыргызском языке ☐

Валюта: KGS

На имя:

Паспортные данные:

Адрес:

_____

(подпись) «___» _____202___г

«ЭкоИсламикБанк» ЖАК

_____

Кимден:

_____(Ф.А.А.)_____

Арыз

Сизден «Кард» талап боюнча төлөнүүчү депозиттик эсебин ачууңузду суранам.

Келишимди мени менен орус тилинде ☐ кыргыз тилинде ☐

түзүүнү суранам.

Валютасы: KGS

Кимдин атына:

Паспорттук маалыматтары:

Дареги:

_____

(колу) «___» _____202___-ж

«Кард» келишимин (жеке жактын талап боюнча төлөнүүчү банктык эсеби) түзүүгө Ачык Офертага № 4 Тиркеме

«Элкарт» банктык картасын чыгарууга №____ ӨТҮНМӨ

Кимге:	
Көчүрмөсү:	
Кимден:	
Темасы:	«Элкарт» банктык картасын чыгаруу тууралуу
Датасы:	20___-ж. «___» _____

№	Кардардын Ф.А.А.	Түзүмдүк бөлүмдүн коду, АБСтеги кардардын номери жана субэсеби (ачылган карт-эсеп)	АБСте эсеп ачылган датасы	Кызмат орду, продуктунун аталышы	Коддук сөз	Уюмдун аталышы	Катталган дареги	Телефону
1								

Бөлүмдүн начальниги **Аты-жөнү**

БАНК ТАРАБЫНАН ТОЛТУРУЛАТ

Өтүнмөнү **кабыл алды**: _____
(Банктын түзүмдүк бөлүмү, филиалы, СК, ББ, операционисттин аты-жөнү)
__/__/**20___** _____
(датасы) (операциялык залдын кызматкеринин кол тамгасы)

Өтүнмөнү **иштеп чыккан:** _____

__/__/**20___** _____ (датасы)

(ТКБ кызматкеринин кол тамгасы)

«Кард» келишимин (жеке жактын талап боюнча төлөнүүчү банктык эсеби) түзүүгө Ачык Офертага № 5 Тиркеме

«ЭКОИСЛАМИКБАНК» ЖАКта
БАНКТЫК ТӨЛӨМ КАРТАЛАРЫН КОЛДОНУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ

Мазмуну

Терминдер сөздүгү
1-бөлүм. Жалпы жоболор
2-бөлүм. Картаны берүү тартиби
3-бөлүм. ПИН-кодду колдонуу тартиби
4-бөлүм. Картаны колдонуу
5-бөлүм. Соода-тейлөө ишканаларында карта менен төлөө тартиби
6-бөлүм. Интернет тармагында картаны колдонуу тартиби
7-бөлүм. Банкомат аркылуу нак акча каражаттарын алуу
8-бөлүм. Картадан картага акча каражаттарын которуу
9-бөлүм. Карталык эсепти толуктоо
10-бөлүм. Картаны алып коюу учурлары
11-бөлүм. Картаны жоготкон/уурдаткан учурда көрүлүүчү чаралар
12-бөлүм. Төлөм системасындагы штаттан тышкаркы жагдайлар
13-бөлүм. Карта ээлери үчүн карталык алдамчылыктын алдын алуу боюнча коопсуздук эрежелери
14-бөлүм. Карталар боюнча чектөөлөр
15-бөлүм. Картанын колдонуу мөөнөтү жана Келишимди бузуу
16-бөлүм. Доомат-арыздарды кароо тартиби
17-бөлүм. Башка шарттар

Терминдер сөздүгү

1. Авторизация – Банк-эмитент тарабынан Банктык төлөм картасын колдонуу менен банктык операцияларды жүргүзүүгө берилген уруксат.
2. Картаны жокко чыгаруу – Картаны жараксыз деп тааануу жана аны жүгүртүүдөн алып салуу.
3. Банк-Эмитент – төлөм системасынын катышуучусу болуп саналган, карталарды чыгарган (эмиссиялаган) жана төлөм системасынын башка катышуучу банктарынын алдында милдеттенмелер боюнча жоопкерчилик тарткан банк.
4. Банк-Эквайер – эквайринг жүргүзүүгө уруксат алган, аралыкта орнотулган жабдуулар тармагынын ээси болгон жана тиешелүү төлөм системаларынын технологиясына, ченемдик актыларына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өзүнүн аралыкта орнотулган жабдуулары аркылуу авторизацияларды жана транзакцияларды жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган банк.
5. Банктык эсеп (мындан ары – карт-эсеп) – Карта ээсине таандык карта боюнча акча каражаттарынын кыймылын эсепке алуу жана транзакцияларды жүргүзүү үчүн Банк тарабынан ачылган эсеп.
6. Банкомат – Карта ээсинин ыйгарым укуктуу Банк кызматкеринин катышуусуз карта аркылуу өз алдынча операцияларды жүргүзүүсү үчүн арналган аппараттык-программалык комплекс. Банкомат нак акча каражаттарын берүү жана кабыл алуу, картага акча каражаттарын жазуу, жүргүзүлгөн транзакциялар боюнча маалымат алуу, накталай эмес төлөмдөрдү жүргүзүү жана бардык операциялар боюнча карт-чек берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат. Мындан ары АТМ (Automated Teller Machine) деп да аталышы мүмкүн.
7. Картаны бөгөттөө – картаны колдонуу менен операцияларды жүргүзүүгө толук же убактылуу тыюу салуу.
8. Банкоматтык көчүрмө – Карта ээсинин суроо-талабы боюнча банкомат тарабынан түзүлгөн карт-эсеп боюнча көчүрмө. Банкоматтык көчүрмө карт-эсеп боюнча жүргүзүлгөн акыркы 10 (он) транзакцияны камтыйт.
9. Банктык Төлөм Картасы (мындан ары – карта) – карт-эсептеги акча каражаттарынын калдыгынын чегинде товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөм жүргүзүүгө, акча которууларды жана башка төлөмдөрдү ишке ашырууга, ошондой эле нак акча каражаттарын алууга арналган төлөм куралы. Карта анда көрсөтүлгөн мөөнөт ичинде гана жаракту. Мөөнөтү өтүп кеткен карта боюнча операциялар жүргүзүлбөйт.
10. Карта ээси – «Кард» келишиминин (жеке жактын талап боюнча төлөнүүчү банктык эсеби) шарттарына ылайык картаны колдонууга укуктуу болгон жеке жак.
11. Коддук сөз – Картаны чыгарууга Арыз-анкета толтурууда Карта ээси тарабынан көрсөтүлгөн сөз (же символдордун айкалышы), анын негизинде Банк телефон аркылуу Карта ээсин идентификациялап, карт-эсеп жана карталардын абалы тууралуу маалымат бере алат.
12. Акча каражаттарынын лимити (лимиттери) – карта аркылуу жүргүзүлүүчү операциялар боюнча Банк тарабынан белгиленген максималдуу сумма. Лимит бир операциянын суммасына жана валютасына карата, ошондой эле белгилүү бир убакыт аралыгында жүргүзүлгөн бардык операциялардын жалпы суммасына карата белгилениши мүмкүн.
13. Банктар аралык Процессинг Борбору (мындан ары – БПБ) – Кыргыз Республикасынын «ЭЛКАРТ» улуттук төлөм системасынын аппараттык-программалык комплекси болуп, «ЭЛКАРТ» банктык төлөм карталары, ошондой эле БПБ системасына интеграцияланган башка төлөм системаларынын карталары аркылуу жүргүзүлгөн транзакцияларды процессинг кылууга арналган.
14. Алдамчылык операция – Карта ээсинин банктык төлөм картасы боюнча ал тарабынан санкцияланбай жана тастыкталбай жүргүзүлгөн операция.
15. Төмөндөтүлбөс калдык – Банк тарабынан белгиленген жана авторизацияга жатпаган, Карта ээсинин Банк алдындагы камсыздоо (кепилдик) суммасы болуп эсептелген акча каражаттары.
16. Штаттан тышкаркы жагдай – Тиешелүү төлөм системасынын эрежелерине жана иштөө технологиясына ылайык автоматтык тобокелдиктерди башкаруу каражаттары аркылуу чечилбей турган жана аны чечүү үчүн оператордун же төлөм системасынын катышуучусунун персоналы тарабынан атайын уюштурулган аракеттерди талап кылган жагдай.

17. ПИН-код – Операция жүргүзүүдө колдонуучуну аутентификациялоого мүмкүндүк берген идентификациялык жеке номер, башкача айтканда, ар бир картага ыйгарылган жана Карта ээсин идентификациялоо үчүн арналган жашыруун код. ПИН-код төрт цифрадан турган ырааттуулуктан турат.
18. POS-терминал – Банк бөлүмдөрүндө нак акча каражаттарын алуу үчүн, ошондой эле соода-тейлөө ишканаларында карта аркылуу товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөм жүргүзүүдө колдонулуучу электрондук эсептешүү түзмөгү.
19. НБП – Нак акча берүү пункту.
20. СТИ (Соода-тейлөө ишканасы) – POS-терминалы бар, карталарды кабыл алуу жана тейлөө мүмкүнчүлүгүнө ээ соода же тейлөө ишканасы.
21. Токтотмо-барак – Банк тарабынан төлөм каражаты катары кабыл алууга тыюу салынган карталардын Төлөм системасындагы тизмеси.
22. Эсеп боюнча көчүрмө (мындан ары – көчүрмө) – Карта ээсинин карт-эсебиндеги акча каражаттарынын калдыгы, акча каражаттарынын кыймылы жана карта аркылуу көрсөтүлгөн мезгил ичинде жүргүзүлгөн операциялар жөнүндө отчет.
23. Транзакция – Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, валютаны алмаштырууда же нак акча каражаттарын алууда карта колдонуу менен жүргүзүлгөн операция, анын натыйжасында карт-эсеп транзакциянын суммасына дебеттелет же кредиттелет.
24. Техникалык овердрафт – Карт-эсептеги жеткиликтүү калдыктан ашкан төлөмдөрдүн (чыгаша операцияларынын) натыйжасында пайда болгон карыз.
25. Фишинг – Интернет-алдамчылыктын бир түрү, анын максаты – колдонуучулардын купуя маалыматтарына (логиндерине, сырсөздөрүнө, жеке эсептеринин жана банктык карталарынын маалыматтарына) жетүү. Көбүнчө Банк же белгилүү компаниялардын атынан массалык электрондук каттарды жөнөтүү ыкмасы колдонулат. Бул каттарда чыныгы сайттардан сырткы көрүнүшү боюнча айырмаланбаган, бирок жасалма болгон шилтемелер камтылат. Каттарда Карта ээсинен жеке маалыматтарын жаңыртуу же ырастоо өтүнүлөт, кээде маалыматтарга байланыштуу көйгөйлөр айтылат. Андан соң Карта ээси жасалма сайтка багытталат жана ал жерде эсептик маалыматтарын киргизүү суралат. Эгерде алдамчылар керектүү маалыматтарды алса, бул жеке маалыматтардын же акча каражаттарынын уурдалышына алып келиши мүмкүн.
26. **Вишинг** – алдамчылардын Карта ээсине телефон аркылуу чалып, өздөрүн Банктын, КР Улуттук банкынын же укук коргоо органдарынын кызматкерлери катары тааныштырып, картанын купуя маалыматтарын алуу же акча каражаттарын которууга түрткү берүү максатында жасаган телефондук алдамчылыктын бир түрү.
27. **OTP** – конкреттүү операцияны ырастоо үчүн Банк тарабынан Карта ээсине SMS аркылуу жөнөтүлүүчү бир жолку сырсөз. Ал бир гана операция үчүн жарактуу.
28. CVV-код (Card Verification Value 2) – Интернет аркылуу жана башка операцияларда төлөм жүргүзүүдө картанын аныктыгын текшерүү үчүн колдонулган, картанын арткы бетинде жайгашкан үч орундуу текшерүүчү код.
29. Карталык эсеп (карт-эсеп) – Кардарга таандык акча каражаттарынын түшүүлөрүн эсепке алуу, сактоо жана сарптоо үчүн Банк тарабынан ачылган уникалдуу жеке банктык эсеп. Бул эсепке бир же бир нече банктык карта байланыштырылышы мүмкүн. Карт-эсеп нак эмес эсептешүүлөрдү жүргүзүү, акча которуу, нак акча каражаттарды алуу жана кредиттерди төлөө үчүн колдонулат.
30. Элкарт NFC – *NFC (Near Field Communication – «жакын аралыктагы контактсыз байланыш») технологиясынын негизинде иштеген контактсыз төлөм ыкмасы. Бул технология картаны үчүнчү жакка бербестен, төлөмдү ыкчам жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. NFC колдогон банктык карта кассадагы төлөм терминалына жакындатылат жана ПИН-код киргизбестен дароо төлөм жүргүзүлөт. Эгерде бир жолку төлөмдүн суммасы 2 000 (эки миң) сомдон ашса, карта түзмөккө салынат жана ПИН-код киргизүү талап кылынат. Андан кийин сатуучу Карта ээсине төлөм тууралуу чек басып берет.
31. Төлөм системасы – Катышуучулардын ортосунда акча каражаттарын нак эмес түрдө тез жана коопсуз которууну камсыз кылган эрежелердин, жол-жоболордун жана техникалык инфраструктуранын (банктык карталар, терминалдар, онлайн-сервистер) жыйындысы. Төлөм системасы төлөөчү менен алуучунун ортосунда ортомчу болуп, транзакцияларды иштеп чыгат,

төлөмдөрдү авторизациялайт жана маалыматтардын корголушун камсыз кылат.

1-бөлүм. Жалпы жоболор

1.1. Банктык төлөм карталарын колдонуу эрежелери (мындан ары – Эрежелер) Банк тарабынан банктык төлөм карталарын чыгаруу жана тейлөө тартибин, карта колдонуу менен операцияларды жүргүзүү тартибин, ошондой эле карталарды коопсуз пайдалануу эрежелерин аныктайт.

1.2. Карталарды чыгаруу жана тейлөө боюнча Карта ээси менен Банктын ортосундагы укуктук мамилелер «Кард» келишиминин (жеке жактын талап боюнча төлөнүүчү банктык эсеби) шарттары (мындан ары – Келишим) менен жөнгө салынат.

1.3. Картаны үчүнчү жактарга пайдаланууга же күрөө катары берүүгө тыюу салынат. Ыйгарым укук берилбеген жак тарабынан сунушталган карта алып коюуга жатат.

1.4. Карта Банктын менчиги болуп саналат. Картанын колдонуу мөөнөтү аяктаганда, Келишим бузулганда, Карта ээсинин фамилиясы, аты өзгөргөндө же Банктын биринчи талабы боюнча карта милдеттүү түрдө Банкка кайтарылууга тийиш.

1.5. Ушул Эрежелер жана Банктын тарифтери Банктын расмий сайтында жайгаштырылат: www.eib.kg.

1.6. Банк Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген мөөнөттөрдү эске алуу менен, маалыматты Банктын расмий интернет-сайтында (www.eib.kg) жарыялоо аркылуу ушул Эрежелерге бир тараптуу өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу.

2-бөлүм. Картаны берүү тартиби

2.1. Даярдалган карта Банк тарабынан түздөн-түз Карта ээсине же анын нотариалдык тартипте ыйгарым укук берилген өкүлүнө берилет. Картаны алууда Карта ээси кабыл алуу-өткөрүп берүү актысына же карталарды берүү журналына кол коюуга милдеттүү.

2.2. Карта ПИН-код менен бирге жабык ПИН-конвертте берилет.

2.3. Карт-эсептеги акча каражаттарын коргоо максатында Банк Карта ээсине ПИН-кодду үчүнчү жактарга билдирбөөнү жана аны кагаз түрүндө сактабоону катуу сунуштайт.

2.4. Картаны алууда картада латын тамгалары менен жазылган Карта ээсинин аты-жөнү ID-паспорттун арткы бетиндеги латын тамгалары менен жазылган аты-жөнү менен ар бир тамгасына чейин толук дал келерин текшерүү зарыл.

2.5. Банк картаны Бишкек шаарында 5 (беш) жумуш күндүн ичинде, ал эми Республиканын аймактарында 13 (он үч) жумуш күндүн ичинде, Банктын тарифтерине ылайык берет.

2.6. Шашылыш чыгаруу учурда карта Бишкек шаарында 2 (эки) жумуш күндүн ичинде, ал эми Республиканын аймактарында 7 (жети) жумуш күндүн ичинде, Банктын тарифтерине ылайык берилет.

2.7. Банк шашылыш чыгаруу үчүн комиссия толук төлөнмөйүнчө картаны шашылыш тартипте чыгарбайт.

2.8. Эгерде карта чыгарылып, бирок Карта ээси арыз берилген күндөн тартып 6 (алты) айдан ашык мөөнөттө аны алуу үчүн Банкка кайрылбаса, Банк картаны жокко чыгарууга жана аны чыгаруу жана жылдык тейлөө үчүн толук же жарым-жартылай төлөнгөн комиссияны кайтарбоого укуктуу.

2.9. Картанын алдыңкы бетинде төмөнкүлөр жайгашат:

- Банктын логотиби;
- төлөм системасынын логотиби;
- орнотулган чип (микропроцессор) – Карта ээси жөнүндө маалыматты коргоонун ишенимдүү каражаты;
- 16 цифрадан турган картанын номери;
- Карта ээсинин фамилиясы жана аты (же аты-жөнүнүн инициалдары) латын тамгаларында. Алдын ала чыгарылган карталарда аты-жөнү көрсөтүлбөшү мүмкүн;
- картанын жарактуулук мөөнөтү.

2.10. Картанын арткы бетинде төмөнкүлөр жайгашат:

- Карта ээси жөнүндө маалымат жазылган кара түстөгү магниттик тилке;
- Карта ээсинин кол коюусу үчүн атайын тилке;
- БПБнын күнү-түнү иштеген маалыматтык телефон номери;

• интернет аркылуу операция жүргүзүүдө колдонулуучу текшерүүчү код (CVV2).
2.11. Магниттик тилкенин бузулушун алдын алуу үчүн Карта ээси картаны сактоо эрежелерин сактоого тийиш:
• ачык отко жакын калтырбоо;
• магниттик тилкедеги маалыматты бурмалоого алып келиши мүмкүн болгон тиричилик же башка шаймандардын жанында сактабоо;
• механикалык таасирге дуушар кылбоо;
• магниттик кулпусу бар капчыктарда сактабоо;
• +40°C жогору температурада жана күн астында узак убакыт калтырбоо (пластик деформацияланышы мүмкүн);
• –20°C төмөн температурада сактабоо (катуу суукта пластик жарака кетиши мүмкүн);
• ачкычтар жана тыйындар менен бирге сактабоо (металл буюмдарга сүрүлүүдөн маалымат өчүшү мүмкүн);
• шымдын арткы чөнтөгүндө алып жүрбөө (жоголуп кетиши же жуулуп кетиши мүмкүн);
• автоунаанын айнегин кирден жана кыроодон тазалоо үчүн колдонбоо.
Магниттик тилке же карта толугу менен бузулган учурда карта Карта ээсинин эсебинен кайра чыгарылат.
2.12. ЭЛКАРТ NFC карталары контактсыз колдонуу режими менен чыгарылат. Бул режим Карта ээсинин каалоосу боюнча өчүрүлбөйт.
2.13. Картаны алмаштыруу же жоголгон картанын ордуна жаңысын чыгаруу Карта ээсинин Банк-эмитентке берилген жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде жүргүзүлөт.
2.14. Карта жарактуулук мөөнөтү аяктаганда, физикалык бузулганда, ПИН-код ачыкка чыгып кеткенде же Карта ээсинин каалоосу боюнча алмаштырылат. Алмаштырылуучу карта Банк-эмитентке кайтарылууга тийиш.

3-бөлүм. ПИН-кодду колдонуу тартиби
3.1. Карта ээсине карта ПИН-конверт менен кошо берилгенде, аны алгандан кийин дароо ПИН-конвертти ачып, ПИН-кодду жаттап алып, кошумча баракчасын жана конвертти жок кылуу зарыл.
3.2. Банкомат аркылуу ПИН-кодду алмаштыруу банкоматтын экранында көрсөтүлгөн кадамдык нускамага ылайык жүргүзүлөт. ПИН-кодду алмаштыруу үчүн карта жана эски ПИН-код талап кылынат.
3.3. Төрт (4) цифрадан турган сандык комбинация Карта ээсинин тандоосу боюнча белгиленет. Жеңил божомолдоого боло турган айкалыштардан (мисалы, телефон номеринин акыркы сандары, туулган күн, бирдей цифралар ж.б.) оолак болуу сунушталат.
3.4. ПИН-код терилгенде электрондук түзмөктөрдүн дисплейинде цифралар атайын көрсөтүлбөйт, шарттуу белги менен алмаштырылат. Терүүдө ката кетирбөө маанилүү. Эгерде ПИН-код катары менен үч жолу (убакыт аралыгына карабастан, бир же ар башка түзмөктөрдө) туура эмес киргизилсе, карта автоматтык түрдө бөгөттөлөт жана банкомат тарабынан кармалып калат же тейлөө пунктунда жагдай такталганга чейин алынышы мүмкүн.
3.5. ПИН-кодду киргизүү менен ырасталган бардык карталык операциялар Карта ээси тарабынан жүргүзүлгөн деп эсептелет.
3.6. ПИН-кодду карта менен кошо сактоого, картага жазып коюуга же үчүнчү жактарга билдирүүгө тыюу салынат.
3.7. ПИН-код туура эмес киргизилгендигине байланыштуу карта бөгөттөлсө, аны бөгөттөн чыгаруу Банк-Эмитенттин бөлүмүндө кардардын жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде гана жүргүзүлөт.

4-бөлүм. Картаны колдонуу
- Карталарды кабыл алган соода жана тейлөө ишканаларында товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн накталай эмес эсептешүү жүргүзүү;
- Банк мекемелеринде жана банкоматтар аркылуу нак акча каражаттарын алуу;
- Интернет тармагында операцияларды жүргүзүү;
- Мобилдик колдонмолор жана интернет-банкинг аркылуу операцияларды жүргүзүү;
- Картадан картага акча каражаттарын которуу;

• Банк кассалары жана төлөм терминалдары аркылуу карталык эсепти толуктоо.

5-бөлүм. Соода жана тейлөө ишканаларында карта менен төлөө тартиби

5.1. Карталарды тейлөө пункттары Карта Ээлерин маалыматтандыруу максатында төлөм системаларынын логотиптери (мисалы, ЭЛКАРТ, VISA, MasterCard, UPI, Мир) менен белгиленет.

5.2. Сатып алынган товар же көрсөтүлгөн кызмат үчүн төлөөдө карта соода түйүнүнүн кызматкерине көрсөтүлөт. Эгерде карта NFC контактсыз модулуна ээ болсо жана түзмөк контактсыз төлөмдү колдосо, картаны түзмөккө жакындатуу жетиштүү.

5.3. Накталай эмес төлөм карта боюнча белгиленген лимиттин жана банк-эквайер (POS-терминалдын ээси болгон банк) тарабынан түзмөккө коюлган лимиттин чегинде жүргүзүлөт.

5.4. Соода жана тейлөө ишканаларында карта менен жүргүзүлгөн бардык транзакциялар Карта ээсинин катышуусунда аткарылышы керек. Бул картадагы жеке маалыматтардын мыйзамсыз колдонулушунун тобокелдигин азайтуу максатын көздөйт.

5.5. Айрым учурларда ири суммадагы сатып алууларда өздүгүн тастыктаган документ талап кылынышы мүмкүн. Ошондуктан ири суммадагы төлөм жүргүзүүдө паспорт же башка өздүгүн тастыктаган документти жанында алып жүрүү сунушталат.

5.6. Кассир картаны кабыл алып, POS-терминал аркылуу Авторизация жүргүзөт: картаны окуу түзмөгүнө салат же контактсыз чип-окугуч аркылуу окуйт жана операциянын суммасын киргизет. Сурам Банкка байланыш каналдары аркылуу жөнөтүлөт. Карта ээси ПИН-кодду туура киргизип, эсепте жетиштүү каражат болгондо, транзакцияны тастыктаган эки нускадагы чек басылып чыгат. Бир нускасы Карта ээсине берилет. Чектеги маалыматтардын тууралыгын текшерүү зарыл. Кабыл алынган технологияга жараша чек Карта ээси жана кассир тарабынан кол коюлуп ырасталышы мүмкүн. Контактсыз режимде карта же смартфон менен төлөгөндө белгиленген лимиттин чегинде ПИН-код талап кылынбашы мүмкүн.

5.7. Эгерде чекте эсептен чыгарылуучу сумма же операциянын башка реквизиттери (мисалы, датасы) көрсөтүлбөсө, ага кол коюуга тыюу салынат. Так эместик аныкталса, кол коюудан баш тартып, операцияны жокко чыгарууну талап кылуу керек. Операция жокко чыгарылган учурда жокко чыгаруу тууралуу тиешелүү чек алынууга тийиш.

5.8. Банк карта аркылуу төлөм жүргүзүлгөндүгүн тастыктаган чектерди сактоону сунуштайт. Бул карталык эсептен каражаттарды эсептен чыгарууда так эместиктерден сактайт.

5.9. Банк ишеним жараткан соода жана тейлөө ишканаларында гана карта менен төлөм жүргүзүүнү сунуштайт.

6-бөлүм. Интернет тармагында картаны колдонуу тартиби

6.1. Интернет аркылуу товар же кызмат көрсөтүү үчүн төлөм жүргүзүүдө картанын физикалык катышуусу талап кылынбайт, бирок төмөнкү милдеттүү реквизиттер колдонулат: карта номери, колдонуу мөөнөтү, картада басылып жазылган Карта ээсинин аты-жөнү (латын тамгалары менен). Кошумча түрдө CVV2 коду талап кылынышы мүмкүн. Бардык маалымат киргизилгенден кийин «Төлөө» баскычы басылат.

6.2. Улуттук төлөм системасы ЭЛКАРТ карталары боюнча интернет-операцияларга жеткиликтүүлүк Карта ээсинин Банк-эмитентке берген арызынын негизинде ачылат. Элкарт NFC карталары менен Кыргыз Республикасынын чегинен тышкаркы сайттарда интернет-операцияларды жүргүзүүгө тыюу салынат.

6.3. Интернеттеги операциялар карта боюнча белгиленген лимиттин жана Банк-эквайер тарабынан белгиленген чектөөлөрдүн алкагында жүргүзүлөт.

6.4. Интернет аркылуу үчүнчү жактар тарабынан уруксатсыз операциялар жүргүзүлүшү мүмкүн болгон тобокелдиктерди кошо алганда, мүмкүн болуучу кесепеттер үчүн жоопкерчилик Карта ээсине жүктөлөт. Мындай операциялар боюнча Банк каражаттарды кайтаруу боюнча арыздарды же доомат-арыз иштерин кабыл албоого укуктуу.

6.5. Интернет төлөмдөрүнүн коопсуздугунун негизги элементи – төлөм жүргүзүп жаткан Карта ээсин идентификациялоо. Бул үчүн CVV2/CVC2 коду колдонулат. Аталган код картанын арткы бетинде жайгашкан үч орундуу сан болуп саналат.

6.8. Банк белгилүү жана текшерилген компаниялардын сайттарында гана сатып алууларды

жүргүзүүнү сунуштайт.
6.9. 3D Secure технологиясын колдогон сайттарда операция жүргүзүүдө Карта ээсине СМС аркылуу же карта ачууда көрсөтүлгөн электрондук почта дарегине бир жолку сырсөз жөнөтүлөт. Бул сырсөз бир гана операция үчүн жарактуу.
6.10. Интернет операциясын жүргүзүүдөн мурда Карта ээси төмөнкүлөрдү текшерүүгө тийиш:
- браузердин жаңыртылганын жана коопсуздук жаңыртуулары орнотулганын;
- картанын колдонуу мөөнөтүн жана бөгөт коюлбаганын;
- төлөм жүргүзүү үчүн жетиштүү каражат бар экенин;
- автоматтык түрдө багытталган баракчаларда же калкып чыккан терезелерде операция жүргүзүүдөн алыс болууну;
- сайттын көрсөтмөлөрүн так аткарууну.

6.12. Төлөм жүргүзүүдөн баш тартуунун мүмкүн болгон себептери:
- картада каражат жетишсиз;
- интернет төлөмдөрүнө тыюу салынган же башка чектөөлөр коюлган;
- картанын колдонуу мөөнөтү аяктаган;
- картага бөгөт коюлган;
- Банк жогорку тобокелдиктеги операцияларга (оюн-зоок, кумар оюндары, эскорт кызмат көрсөтүүлөрү ж.б.) тыюу салган.

Себебин тактоо үчүн Карта ээси Банкка кайрылууга тийиш.
6.13. Төлөмдү толук же жарым-жартылай жокко чыгаруу үчүн Карта ээси интернет-дүкөндүн кардарларды колдоо кызматына кайрылып, каражатты кайтаруу жол-жобосун баштоого милдеттүү.
6.14. Багытталган сайттын дарегин (URL) кылдат талдоо зарыл. Фишинг учурларында сайт тышкы көрүнүшү боюнча чыныгы сайтка окшош болгону менен, URL-дареги оригиналдан айырмаланышы мүмкүн (мисалы, .gov ордуна .com менен аякташы).
6.15. Кардар Интернет аркылуу төлөм жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнөн баш тартууга укуктуу. Бул үчүн Банкка паспорт менен келип, интернет-операцияларга жеткиликтүүлүктү өчүрүү тууралуу арыз берүү зарыл.

7-бөлүм. Банкомат аркылуу нак акча каражаттарын алуу

7.1. Банкоматты колдонордон мурда анын сырткы абалын текшерүү зарыл: ПИН-клавиатурасынын туура эмес орнотулушу, экрандын үстүндөгү кошумча жабдуулар же башка шектүү түзмөктөр бар-жогун кароо керек. Шектүү жабдуулар аныкталган учурда мындай банкоматта операция жүргүзүүдөн баш тартып, мүмкүн болсо банкоматта көрсөтүлгөн телефон номерлери же Байланыш-борбор аркылуу Банкка кабарлоо зарыл.
7.2. Банкомат аркылуу нак акча алуу ПИН-код менен ырасталат жана Карта ээси тарабынан өз алдынча тейлөө режиминде, банкоматтын экранында көрсөтүлгөн нускамага ылайык жүргүзүлөт.
7.3. Операциядан баш тартуу үчүн «Жокко чыгаруу» / «Отмена» / «Cancel» баскычын басуу керек.
7.4. ПИН-кодду киргизүүдө аны үчүнчү жактар көрбөгөнүнө ынануу зарыл. ПИН-код үч жолу туура эмес киргизилсе, картага бөгөт коюулат жана банкомат тарабынан кармалып калышы мүмкүн.
7.5. Транзакция жүргүзүүдө үчүнчү жактар сунуш кылган жардамды кабыл алууга болбойт.
7.6. Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карталары жөнүндө жобого ылайык, банкомат аркылуу бир жолку транзакциянын суммасы улуттук валютада 400 (төрт жүз) эсептик көрсөткүчтөн же анын чет өлкө валютасындагы эквивалентинен ашпоого тийиш. Ар түрдүү банктардын банкоматтарында бир жолку алуу суммасы айырмаланышы мүмкүн.
7.7. Нак акча берилгенден кийин банкомат картаны кайтарып берет жана квитанция басып чыгарат.
7.8. Банкоматтан алынган квитанцияларды сактоо сунушталат, анткени алар ПИН-код менен ырасталган жана операциянын далили болуп саналат.
7.9. Экранда «Картаңызды алыңыз» деген жазуу чыккандан кийин картаны дароо алуу зарыл, антпесе 20 секунд өткөн соң банкомат картаны кармап калат.
7.10. Берилген акчаны 20 (жыйырма) секунд ичинде алуу керек, болбосо коопсуздук системасы иштеп, банкомат акчаны кайра өзүнө тартып алат. Бул каражатты жоготуу тобокелдигин азайтуу максатында каралган.
7.11. Эгер банкомат картаңызды же акчаны кармап калса, дароо кетпестен, алардын чындап

кармалганына ынануу зарыл. Айрым учурларда банкомат карта же акчаны кайра чыгарышы мүмкүн.
7.12. Туура ПИН-код киргизилгенине карабастан, операция төмөнкү себептер боюнча четке кагылышы мүмкүн:
- талап кылынган сумма банкоматтагы кассеталарда бар банкноттор менен берилбейт (минималдуу номиналга калдыксыз бөлүнүүчү сумма киргизүү керек);
- талап кылынган сумма банкоматтын бир жолку берүү лимитинен ашат (сумманы бөлүп алып, операцияны бир нече жолу кайталоо зарыл);
- талап кылынган сумма Карта ээсинин жеткиликтүү акча суммасынан ашат (аз сумма суроо же калдыкты текшерүү керек);
- талап кылынган сумма Карта ээсине түзмөк боюнча жеткиликтүү болгон суткалык лимитинен ашат (банк кассасы аркылуу алуу сунушталат);
- банкомат Сизге керектүү төлөм системасынын карталарын тейлебейт (адатта банкоматта тейленген төлөм системаларынын логотиптери көрсөтүлөт, 6.1-пунктка ылайык).

8-бөлүм. Картадан картага акча каражаттарын которуу
8.1. Картадан картага акча которуу «CardEX» акча которуу кызматы аркылуу банкоматтан, анын экранындагы нускамага ылайык жүргүзүлөт. Эскертүү: банкоматта бул функционал болууга тийиш. Которуу «БПБ» ЖАКтын процессингинде тейленген ЭЛКАРТ карталарына жүргүзүлүшү мүмкүн.
8.2. Мобилдик колдонмолор аркылуу акча которуу. Мобилдик колдонмолор аркылуу акча которууда алуучунун карта номери толук көрсөтүлүшү керек, айрым учурларда картанын колдонуу мөөнөтү да талап кылынат, ошондой эле которуунун суммасы белгиленет.

9-бөлүм. Карталык эсепти толуктоо
9.1. Карт-эсепти төмөнкү ыкмалардын бири менен толуктоого болот:
- Банктын каалаган филиалында же аманат кассасында накталай түрдө;
- башка банктардан накталай эмес которуу жолу менен (алдын ала карт-эсептин реквизиттерин тактоо зарыл);
- Банктын төлөм терминалдары аркылуу;
- «Элкарт» карталарын толуктоо сервиси бар Банктын төлөм терминалдары аркылуу;
- мобилдик колдонмолор аркылуу накталай эмес которуу жолу менен.

10-бөлүм. Банкомат тарабынан картаны кармап калуу (алып коюу) учурлары
10.1. Банкомат картаны төмөнкү себептер менен кармап калышы мүмкүн:
- Банк-эмитент тарабынан карта «катуу» токтотмо-баракка киргизилген (бөгөт коюлган);
- ПИН-код үч жолудан ашык туура эмес киргизилген;
- картанын колдонуу мөөнөтү аяктаган;
- байланыш үзгүлтүгү;
- банкоматтын техникалык бузулушу.

10.2. Картаны банкомат кармап калган учурда төмөнкү аракеттерди көрүү керек:
- биринчи кезекте карта чындап кармалып калганына жана банкомат картаны кийинки кардарга бербей турганына ынануу;
- эгер банкомат картаны чындап эле кармап калса, банкоматты орноткон банк жана Банк-эмитент менен байланышуу зарыл. Банкоматты орноткон банктын координаталары жана телефондору адатта банкоматтын өзүндө же банкомат жайгашкан жердин жанында көрсөтүлөт;
- банкоматты тейлөөчү банк менен байланышкандан кийин, жагдайды түшүндүрүп, картаны кайтарып алуу убактысын жана ыкмаларын тактоо;
- эгер тейлөөчү банк аныкталбаса, картаны берген банкка кайрылып, банкомат жайгашкан өлкө, шаар, көчө жана имарат номерин билдирүү керек. Банктын адистери андан аркы аракеттер боюнча керектүү консультацияларды беришет;
- картаны алуу үчүн жаныңызда өздүнүн тастыктаган документиңиз болушу керек.

11-бөлүм. Картаны жоготкон/уурдаткан учурда көрүлүүчү чаралар
Картаны жоготкон же уурдаткан учурда дароо Банкка, Процессинг борборуна же Банктын каалаган

филиалына оозеки же жазуу жүзүндө картага бөгөт коюу тууралуу арыз менен кайрылуу зарыл:
- Банктын Байланыш-борбору: +0312 900 800, 0555 900 800, 0703 900 800, 0775 900 800; +0996 (312) 90 67 19 (жумуш убактысында)
- БПБнын Байланыш-борбору: +996 (312) 63 76 96; +996 (312) 66 43 25 (күнү-түнү)

11.1. Картаны жоготкон/уурдаткан учурда Банкка мүмкүн болушунча эртерээк маалымдоо үчүнчү жактардын каражаттарды пайдалануу тобокелдигин азайтат.
11.2. Карта ээси картага бөгөт коюлганга чейин жүргүзүлгөн операциялар үчүн жоопкерчилик тартат жана бөгөт күчүнө кирген учурдан тартып жоопкерчиликтен бошотулат.
11.3. Эгер мурда жоголгон же уурдалган деп билдирилген картаны Карта ээси өзү таап алса, бул тууралуу дароо Банкка кабарлоо зарыл. Мындай картаны колдонууга аракет кылууга болбойт, анткени аны банкомат алып коёт. Картаны бөгөттөн чыгаруу же кайра чыгаруу үчүн Банкка кайрылуу керек.
11.4. Картаны алган соң карт-эсебиңиздин көчүрмөсүн текшерип, карта боюнча уруксатсыз транзакциялар жасалбаганына ынануу сунушталат.
11.5. Эгер картаны башка бирөө таап алса же карта үчүнчү жактын колуна тийген болсо, маалыматтардын компрометациясын жана уруксатсыз операциялардын алдын алуу үчүн картаны кайра чыгаруу сунушталат.

12-бөлүм. Төлөм системасындагы штаттан тышкаркы жагдайлар
12.1. Төлөм системасында төмөнкү штаттан тышкаркы жагдайлар орун алышы мүмкүн:
- электр энергиясынын үзгүлтүгү;
- байланыш каналдарынын бузулушу;
- аппараттык же программалык камсыздоонун иштен чыгышы;
- форс-мажордук жагдайлар (өрт, суу ташкыны, жер титирөө ж.б.).

12.2. Мындай жагдайларда Банк Келишим боюнча милдеттенмелердин аткарылышы үчүн жооп бербейт.
12.3. Банк карталык операциялар боюнча кызмат көрсөтүү процессине катышкан жабдуулардын жана системалардын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу үчүн бардык мүмкүн болгон чараларды көрөт.
12.4. Карта ээлерине каршы жасалган алдамчылык чабуулдар (фишинг, вишинг, SIM-своппинг, скимминг) төлөм системасындагы штаттан тышкаркы жагдайларга да кирет. Мындай жагдайлар аныкталган учурда Банк Офертанын 4.2.9–4.2.13-пункттарында каралган чараларды, анын ичинде операцияларды токтото турууну жана Карта ээсине токтоосуз билдирүү менен картаны бөгөттөөнү колдонууга укуктуу.

13-бөлүм. Карта ээлери үчүн карталык алдамчылыктын алдын алуу боюнча коопсуздук эрежелери
13.1. Картаны үчүнчү жакка өткөрүп берүүгө же сатууга тыюу салынат. Мындай аракеттер үчүн Карта ээси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.
13.2. Картанын толук номерин, CVV кодун, картадагы аты-жөнүн жана ПИН-кодду үчүнчү жактарга билдирүүгө болбойт. Бул купуя маалымат, бул маалымат аркылуу шылуундар сиздин акчаңызга жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу мүмкүн.
13.3. Картаны коопсуз жерде сактаңыз. Аны башка адамдар алып кетиши жана/же картанын номерин, кол тамганын үлгүсүн, CVV кодун, картада көрсөтүлгөн аты-жөнүн жана башка карталык маалыматтарды көчүрүп алышы мүмкүн болгон жерлерде калтырбаңыз.
13.4. Магниттик тилкенин бузулушуна жол бербөө үчүн картаны электромагниттик нурлануунун булактарына (уюлдук телефондорго, телевизорлорго, микротолкундуу мештерге, аудио жана видео жабдууларга ж.б.) жакын кармабаңыз. Товарлар магниттик кодировка аркылуу катталган жайларда эсептешүүдө этият болуңуз – бул банкоматтарда жана POS-терминалдарда картанын иштетилбей калышына же туура эмес иштетилишине алып келиши мүмкүн. Картаны үчүнчү жактар тарабынан пайдалануу Банк тарабынан ушул Эрежелерди одоно бузуу катары бааланат жана Банктын демилгеси боюнча Келишимди бузууга алып келиши мүмкүн.
13.5. ПИН-кодду жашыруун сактоо зарыл. ПИН-кодду үчүнчү жактарга (тууган-урукка, кесиптештерге, досторго ж.б.) билдирүү картанын уруксатсыз колдонулушуна, башкача айтканда

Карта ээсине таандык акча каражаттарынын сарпталышына алып келиши мүмкүн. ПИН-кодду киргизүү менен жүргүзүлгөн операциялар Карта ээси тарабынан жүргүзүлгөн деп таанылат жана талашууга жатпайт.
13.6. Картаны ПИН-код менен бирге сактоого тыюу салынат, ошондой эле ПИН-кодду картанын өзүнө же карта менен бирге сакталган документтерге жазууга жол берилбейт.
13.7. Сатып алуу жүргүзүүдө картаны көз жаздымда калтырбоо керек. Транзакция аяктагандан кийин картаны дароо кайтарып алып, анын сизге таандык экендигин текшериңиз.
13.8. Соода түйүндөрүндө карта боюнча бардык операциялар Сиздин катышууңузда жүргүзүлүүгө тийиш.
13.9. Банкомат аркылуу операция жүргүзүүдөн мурда анын сыртында же өзүндө бузулуу белгилери жок экендигин текшериңиз. Эгер банкоматта же анын жанында бөтөн түзмөктөрдү байкасаңыз, бул тууралуу банкоматты тейлеген Банкка кабарлап, башка банкоматты колдонуңуз.
13.10. Экранда башка банкоматка өтүү тууралуу билдирүү чыккан банкоматтарды колдонбоңуз. Банктар мындай билдирүүлөрдү жайгаштырбайт.
13.11. Мүмкүнчүлүк болсо, мурда колдонуп жүргөн банкоматтарды пайдаланууга аракет кылыңыз. Башка учурларда жакшы жарыктандырылган жана ыңгайлуу жайгашкан банкоматтарды тандаңыз.
13.12. Банкоматта турган учурда эч кимдин сизди алаксытуусуна жол бербеңиз.
13.13. Чыгымдарды кийинки көзөмөлдөө үчүн бардык квитанцияларды сактоо сунушталат жана аларды коомдук жайлардагы таштанды челектерине ыргытпоого кеңеш берилет.
13.14. Банк шектүү интернет-сайттар сураган учурда, ошондой эле мобилдик телефон өндүрүүчүлөрү тарабынан (ишенимсиз же жетишсиз маалымат болгон учурда) картанын өзүндө көрсөтүлгөн карталык маалыматтарды киргизбөөнү катуу сунуштайт, анткени мындай учурда Карта ээсинин кабарысыз акча каражаттары уурдалып же мыйзамсыз кармалып калуу тобокелдиги бар.
13.15. Мүмкүнчүлүккө жараша банкоматтарды күндүз колдонуу сунушталат. Түнкүсүн жакшы жарыктандырылган жерлерди тандап, транзакция жүргүзүүдө бөтөн адамдар өтө жакын турбагандыгын текшериңиз.
13.16. ПИН-кодду киргизүүдө аны бөтөн адамдар көрбөгөнүнө ынануу зарыл.
13.17. Шектүү операциялар болгон учурда Банк Карта ээси менен телефон, электрондук почта же SMS аркылуу байланышууга мүмкүнчүлүк алышы үчүн Банкка берилген байланыш маалыматтарын өз убагында жаңыртып туруу керек.
13.18. Интернеттеги коопсуз жүрүм-турум эрежелерин сактаңыз жана шектүү же түшүнүксүз электрондук каттардагы, социалдык тармактардагы, мессенджерлердеги же тааныш эмес адамдар жөнөткөн шилтемелерге өтпөңүз.
13.19. Күтүлбөгөн электрондук каттардагы тиркемелерди жүктөбөңүз.
13.20. Сырсөздөрдү ишенимдүү коргоону камсыз кылыңыз жана аларды эч кимге билдирбеңиз.
13.21. Жеке маалыматтарыңызды – телефон аркылуу, жеке жолугушууда же электрондук кат аркылуу – эч кимге билдирбеңиз.
13.22. Сиз багытталган сайттын дарегин (URL) кылдат текшериңиз. Көпчүлүк фишинг учурларында сайт чыныгысына окшош көрүнгөнү менен, анын URL-дареги оригиналдан айырмаланышы мүмкүн (мисалы, .gov ордуна .com менен аякташы мүмкүн).
13.23. Браузериңизди жаңыртылган абалда кармаңыз жана коопсуздук жаңыртууларын өз убагында орнотуңуз.
13.24. Карталык эсеп боюнча көчүрмөдө шектүү операция аныкталган учурда, тиешелүү сумманы тактоо үчүн Банктын бөлүмүнө кайрылуу зарыл. Картаны уруксатсыз пайдалануу фактысы болгон учурда, доомат-арыз жазуу талап кылынат. Доону кароо үчүн комиссия Банктын тарифтерине ылайык кармалат.
13.25. Картанын алдамчылык же адаттан тыш колдонулушуна шек жаралган учурда, Банк жагдай такталганга жана/же Карта ээсинен ырастоо алынганга чейин картага бөгөт коюуга укуктуу.
13.26. Банк Карта ээсинен телефон, электрондук почта же мессенджерлер аркылуу эч качан төмөнкү маалыматтарды сурабайт: ПИН-код, OTP-код, CVV2, картанын толук номери, коддук сөз. Мындай мазмундагы ар кандай суроо-талап алдамчылыктын белгиси болуп саналат.
13.27. Өзүн Банктын кызматкери катары тааныштырган адамдан купуя маалыматтарды билдирүүнү же акча каражаттарын которууну талап кылган чалуу келип түшкөн учурда, Карта ээси сүйлөшүүнү

токтоосуз токтотууга жана ушул Эрежелердин 11-бөлүмүндө көрсөтүлгөн Банктын расмий номерлерине өз алдынча кайра чалууга милдеттүү.
13.28. Уруксатсыз операция аныкталган учурда Карта ээси төмөнкү аракеттерди көрүүгө тийиш:
- мобилдик колдонмо аркылуу же Байланыш-борборунун телефонуна чалып, картаны токтоосуз бөгөттөө;
- уруксатсыз операция болгондугу жөнүндө Банктын операторуна билдирүү – телефон аркылуу оозеки кайрылуу Банк тарабынан катталат жана дооматты кароону баштоого негиз болуп саналат;
- мобилдик банкингдин сырсөзүн өзгөртүү;
- операция аныкталган учурдан тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде Банктын бөлүмүнө жазуу жүзүндөгү доомат-арыз берүү же аны Банктын расмий байланыш каналдары аркылуу электрондук түрдө жөнөтүү;
- зарыл болгон учурда КРнын укук коргоо органдарына кайрылуу.

14-бөлүм. Карталар боюнча чектөөлөр
14.1. Уруксатсыз карталык операциялардын тобокелдигин азайтуу максатында Банк карталык операцияларды жүргүзүүгө чектөөлөрдү жана лимиттерди белгилөөгө укуктуу. Чектөөлөрдүн жана лимиттердин өлчөмү, ошондой эле аларды белгилөө шарттары, мөөнөттөрү жана тартиби Банк тарабынан өз алдынча аныкталат. Банк карталар боюнча суткалык лимиттерди белгилейт. Карта ээси операцияларды белгиленген суткалык лимиттердин чегинде жүргүзө алат. Лимиттердин тизмеси Банктын www.eib.kg расмий сайтында жайгаштырылган.
14.2. Банк тарабынан белгиленген лимиттик чектөөлөр Карта ээсинин жазуу жүзүндөгү кайрылуусунун негизинде, бекитилген лимиттердин алкагында өзгөртүлүшү мүмкүн.
14.3. Банк тарабынан контактсыз карталар боюнча кошумча чектөөлөр белгиленет:
- ПИН-кодду киргизбестен транзакцияларды Банктын тарифтерине ылайык белгиленген лимиттердин чегинде жүргүзүү;
- Банктын тарифтерине ылайык белгиленген лимиттен жогору суммалар боюнча ПИН-кодду киргизүү менен транзакция жүргүзүү.

15-бөлүм. Картанын колдонуу мөөнөтү жана Келишимди бузуу
15.1. Картада анын колдонуу мөөнөтүнүн аяктоо датасы (айы жана жылы) көрсөтүлөт. Карта көрсөтүлгөн айдын акыркы күнүнүн аягына чейин жарактуу болуп эсептелет. Мөөнөтү өткөн бардык карталар бөгөттөлөт жана Банкка кайтарылууга тийиш.
15.2. Карта ээси картаны жабууга жана Келишимди бир тараптуу тартипте, картаны жокко чыгаруу жөнүндө арыз берүү аркылуу бузууга укуктуу.
15.3. Карта ээси ушул Эрежелердин жана Келишимдин талаптарын аткарбаган учурда, Банк картаны бөгөттөөгө же жокко чыгарууга жана Келишимди бир тараптуу тартипте бузууга укуктуу.
15.4. Келишим бузулганда Карта ээси Банк алдындагы болгон карызын толук жабууга жана карталык эсеп боюнча чыгарылган бардык карталарды Банкка өткөрүп берүүгө милдеттүү.
15.5. Келишим тараптардын кайсы биринин демилгеси боюнча бузулган учурда, жылдык тейлөө үчүн алынган комиссия жана Карта ээси тарабынан төлөнгөн башка комиссиялар кайтарылбайт.
15.6. Карталык эсептеги акча каражаттарынын калдыгы Банк алдында карыз жок болгон шартта Карта ээсине берилет.

16-бөлүм. Банкоматта карта менен операция жүргүзүүдө доомат-арыздарды кароо тартиби
16.1. Банкомат акча каражатын бербей койгон учурда Кардар Банктын каалаган филиалына же аманат кассасына жазуу жүзүндө арыз менен кайрылууга тийиш. Арызда төмөнкү маалыматтар милдеттүү түрдө көрсөтүлөт: толук аты-жөнү, өздүгүн такстыктаган документтин реквизиттери, байланыш маалыматтары, банкоматтын жайгашкан жери, операция жүргүзүлгөн дата жана убакыт. Арыз Карта ээсинин өздүгүн такстыктаган документтерди көрсөтүү менен таризделет жана жеке кол коюу аркылуу ырасталат.
16.2. Арызды кароо мөөнөтү – 30 (отуз) календардык күн.
16.3. Талаштуу транзакция боюнча финансылык доомат-арыз операция жүргүзүлгөн күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде берилүүгө тийиш. Бул мөөнөт өткөндөн кийин Банк доомат-

арызды кабыл албоого толук укуктуу.
16.4. Талаштарды чечүү тартиби төмөнкүдөй:
- Карта ээсинин жазуу жүзүндөгү арызы алынгандан кийин Банк операциянын чыныгы жүргүзүлгөндүгүн текшерүү максатында кызматтык иликтөө жүргүзөт. Банк операциянын фактын тастыктаган кошумча документтерди (төлөм чеги, банкоматтан акча алуу чеги ж.б.) талап кылууга укуктуу;
- Карта ээсинин күнөөсүз акча каражаттары туура эмес эсептен чыгарылгандыгы тастыкталган учурда, Банк акча каражаттарын кайтарып берет;
- Доону кароо жана чечим кабыл алуу мөөнөтү себептерине жараша эки айга чейин созулушу мүмкүн.

16.5. Банкоматтан акча алууда жетишпеген сумма боюнча Карта ээсинин доосу банкоматты ревизиялоо же акчаларды кайра эсептөө жыйынтыгында ашыкча каражаттар аныкталбаган учурда канааттандырылбайт.
16.6. Карта ээсинин картасы боюнча шектүү, анын ичинде алдамчылык операциялар аныкталган учурда, Банк Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык ыйгарым укуктуу органга тиешелүү маалыматты өз убагында берүүгө милдеттүү.
16.7. Алдамчылыктын натыйжасында жасалган уруксатсыз операция боюнча доомат берилген учурда, Карта ээси арызда кошумча төмөнкү маалыматтарды көрсөтөт: операция аныкталган жагдайлар; алдамчылыктын болжолдуу ыкмасы (вишинг, фишинг, скимминг ж.б.); купуя маалыматтардын үчүнчү жактарга билдирилгендиги же билдирилбегендиги жөнүндө маалымат. Көрсөтүлгөн маалымат Банк тарабынан териштирүү максатында гана пайдаланылат жана дооматты кароодон автоматтык түрдө баш тартууга негиз болуп саналбайт.

17-бөлүм. Башка шарттар
17.1. Карта чыгарууга байланыштуу Арыз-анкета жана башка документтерде көрсөтүлгөн маалыматтар өзгөргөн учурда, Карта ээси 5 (беш) күндүн ичинде тиешелүү өзгөртүүлөрдү камтыган документтерди Банкка берүүгө милдеттүү. Маалыматтарды өз убагында билдирбөөнүн кесепеттери үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.
17.2. Карта ээси Банк тарабынан SMS-билдирүүлөр, push-билдирүүлөр, электрондук почта же Кардар көрсөткөн башка электрондук байланыш каналдары аркылуу жөнөтүлгөн бардык билдирүүлөр, маалымдоолор жана юридикалык мааниге ээ маалыматтар жөнөтүлгөн учурдан тартып тийиштүү түрдө жеткирилген жана алынган деп эсептелишине, Карта ээси алардын мазмуну менен иш жүзүндө таанышкан-таанышпаганына карабастан, сөзсүз макул болот.
17.3. Банктын процессинг маалыматтары, төлөм системаларынын жана/же процессинг борборлорунун маалыматтары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана тиешелүү төлөм системасынын эрежелеринде белгиленген тартипте тескериси далилденгенге чейин жүргүзүлгөн операциянын фактын, суммасын, датасын жана башка параметрлерин тастыктаган ишенимдүү маалымат катары таанылат.
17.4. Шектүү операциялардын, алдамчылыктын, кирешелерди легалдаштыруунун (адалдоонун), терроризмди каржылоонун, санкциялык тобокелдиктердин белгилери аныкталган учурда, ошондой эле Кардар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларынын жана ушул Эрежелердин талаптарын бузган учурда, Банк операцияны жүргүзүүдөн баш тартууга, тейлөөнү токтото турууга, картаны пайдаланууну чектөөгө же Келишимди бир тараптуу тартипте бузууга укуктуу.
17.5. Карта ээси алдамчылыктын негизги схемалары (вишинг, фишинг, SIM-своппинг, скимминг) менен таанышкандыгын, Банк телефон, электрондук почта же мессенджерлер аркылуу ПИН-кодду, OTP-коддорду, CVV2 кодун жана коддук сөздү эч качан сурабай тургандыгын түшүнгөндүгүн ырастайт жана ушул Эрежелердин 13-бөлүмүндө белгиленген картаны коопсуз пайдалануу эрежелерин сактоого милдеттенет.

«Кард» келишимин (жеке жактын талап боюнча төлөнүүчү банктык эсеби) түзүүгө Ачык офертага № 6 тиркеме

«ЭкоИсламикБанк» ЖАКтын
КУПУЯЛУУЛУК САЯСАТЫ

1. Терминдер жана аныктамалар

1.1. Ушул Купуялуулук саясатында төмөнкү терминдер колдонулат:

Банк – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык банк ишин жүзөгө ашыруучу жана Колдонуучуга банктык жана башка кызматтарды көрсөтүүчү «ЭкоИсламикБанк» ЖАК.

Колдонуучу – Банктын мобилдик колдонмосунда катталган жана/же аралыктан тейлөө каналдары аркылуу Банктын банктык, төлөм жана башка кызматтарынан пайдалануучу жеке жак.

Мобилдик колдонмо – мобилдик түзмөк аркылуу Колдонуучуга Банктын банктык жана башка кызматтарына жеткиликтүүлүктү камсыз кылууга арналган Банктын программалык камсыздоосу.

Маалымат – Колдонуучуну каттоого, ага кызматтарды көрсөтүүгө жана анын операцияларды жүргүзүүсүнө байланыштуу Банк тарабынан алынган, түзүлгөн же иштетилген ар кандай маалыматтар, анын ичинде жеке маалыматтар, банктык, төлөм, финансылык, техникалык жана башка маалыматтар.

Жеке маалыматтар – түздөн-түз же кыйыр түрдө аныкталган же аныктала турган жеке жакка (жеке маалыматтардын субъектисине) тиешелүү болгон ар кандай маалымат.

Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу – автоматташтыруу каражаттарын пайдалануу менен же мындай каражаттарды пайдаланбастан жеке маалыматтарга карата жасалган ар кандай аракет (операция) же аракеттердин (операциялардын) жыйындысы, анын ичинде чогултуу, жазуу, системалаштыруу, топтоо, сактоо, тактоо (жаңылоо, өзгөртүү), алуу, пайдалануу, берүү (жайылтуу, берүү, жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу), ээсиздендирүү, бөгөт коюу, өчүрүү, жок кылуу.

Купуя маалымат – жеткиликтүүлүгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, келишим, ушул Саясат же Банктын ички документтери менен чектелген жана мыйзамда же келишимде каралган негиздерсиз ачыкка чыгарууга жол берилбеген маалымат.

Колдонуучунун маалыматтары – Колдонуучу тарабынан Банкка берилген же Колдонуучу мобилдик колдонмону жана Банктын кызматтарын пайдалануу процессинде түзүлгөн маалымат.

Техникалык маалымат – мобилдик түзмөк, программалык камсыздоо, IP-дарек, түзмөктүн жана колдонмонун идентификаторлору, туташуу убактысы жана параметрлери, Колдонуучунун мобилдик колдонмодогу аракеттери жөнүндө маалыматтар, ошондой эле Банктын сервистерин пайдалануда түзүлүүчү башка техникалык маалыматтар.

Электрондук (санариптик) кол тамга (ЭСК) – электрондук документтерге кол коюу жана Колдонуучунун эркин билдирүүсүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте ырастоо үчүн Колдонуучу тарабынан пайдаланылуучу электрондук кол тамга.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары – банк иши, төлөм кызмат көрсөтүүлөрү, маалыматты коргоо, жеке маалыматтар, санариптик технологиялар чөйрөсүндөгү мамилелерди жана Банктын ишине байланышкан башка мамилелерди жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары.

2. Жалпы жоболор

2.1. Ушул Саясат Колдонуучу тарабынан берилген же мобилдик колдонмону жана аралыктан банктык кызмат көрсөтүүлөрдү каттоодо жана пайдалануда Банк тарабынан алынган маалыматты алуу, пайдалануу, иштеп чыгуу, сактоо, берүү жана коргоо тартибин аныктайт.

2.2. Саясат жалпысынан маалыматка, анын ичинде Колдонуучунун жеке маалыматтарына, эсептери, банктык карталары, төлөмдөрү жана башка операциялары жөнүндө маалыматтарга, ошондой эле кызмат көрсөтүүгө байланыштуу Банк тарабынан алынган башка маалыматтарга карата колдонулат.

2.3. Банк маалыматтарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, «Кард» келишимин (жеке жактын талап боюнча төлөнүүчү депозити) түзүүгө Ачык офертанын шарттарына жана ушул

Саясатка ылайык иштеп чыгууну жүзөгө ашырат.

3. Маалыматтын түрлөрү жана аны иштеп чыгуунун максаттары

3.1. Мобилдик колдонмону каттоо жана пайдалануу процессинде Банк төмөнкүлөрдү иштеп чыгышы мүмкүн:

- Колдонуучунун жеке жана идентификациялык маалыматтарын;
- байланыш маалыматтарын;
- идентификациялоо жана аутентификациялоо үчүн зарыл болгон маалыматтарды;
- банктык эсептер, карталар, төлөмдөр жана башка операциялар жөнүндө маалыматтарды;
- Колдонуучу тарабынан берилген документтерди жана маалыматтарды;
- мамлекеттик маалыматтык системалардан жана мыйзамдуу башка булактардан алынган маалыматтарды;
- түзмөк, мобилдик колдонмо, IP-дарек, түзмөктүн идентификаторлору, операциялардын убактысы жана параметрлери жөнүндө техникалык маалыматтарды, ошондой эле аракеттердин журналдарын;
- банктык кызматтарды көрсөтүү, коопсуздукту камсыз кылуу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткаруу үчүн зарыл болгон башка маалыматтарды.

3.2. Маалымат төмөнкү максаттарда иштеп чыгылат:

- Банктын мобилдик колдонмосуна жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу;
- Колдонуучуну идентификациялоо жана аутентификациялоо;
- келишимдерди түзүү жана аткаруу, ошондой эле банктык кызматтарды көрсөтүү;
- банктык жана төлөм операцияларын жүргүзүү жана ырастоо;
- коопсуздукту камсыз кылуу жана алдамчылык аракеттердин алдын алуу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткаруу;
- Колдонуучулардын кайрылууларын жана дооматтарын кароо;
- мобилдик колдонмонун жана банктык сервистердин иштешин, өнүктүрүлүшүн жана сапатын жогорулатууну камсыз кылуу;
- Банктын ишине байланышкан мыйзамдуу башка максаттарды жүзөгө ашыруу.

4. Маалыматтын купуялуулугу жана корголушу

4.1. Банк Колдонуучунун маалыматынын купуялуулугун камсыз кылат жана аны укукка каршы же кокусунан болгон жеткиликтүүлүктөн, өзгөртүүдөн, жок кылуудан, жоготуудан, жайылтуудан жана башка укукка каршы аракеттерден коргоо боюнча зарыл болгон уюштуруучулук жана техникалык чараларды көрөт.

4.2. Банк Колдонуучунун маалыматтарын үчүнчү жактарга ачыкка чыгарбайт, буга тиешелүү кызмат көрсөтүү үчүн мындай ачыкка чыгаруу зарыл болгон, Колдонуучунун макулдугу менен жүзөгө ашырылган же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жол берилген же талап кылынган учурлар кирбейт.

4.3. Маалымат Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда жана тартипте мамлекеттик органдарга, уюмдарга жана башка жактарга берилиши мүмкүн.

4.4. Колдонуучунун маалыматын коргоо жана анын купуялуулугун камсыз кылуу Банк тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ушул Саясатка, ошондой эле **«ЭкоИсламикБанк» ЖАКтын Маалыматтык коопсуздук саясатына** жана маалыматтык коопсуздукту, купуялуулукту, бүтүндүктү жана маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга карата талаптарды белгилеген Банктын башка ички ченемдик документтерине ылайык жүзөгө ашырылат.

5. Жеке маалыматтар

5.1. Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздерде жана максаттарда, анын ичинде келишимдерди түзүү жана аткаруу, Банктын милдеттерин аткаруу, анын мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн жүзөгө ашырылат, ал эми мыйзамдарда белгиленген учурларда – Колдонуучунун макулдугунун негизинде жүргүзүлөт.

5.2. Банк жеке маалыматтардын мыйзамдуулук, ачык-айкындуулук, максаттарды чектөө, минималдаштыруу, тактык, сактоо мөөнөттөрүн чектөө, бүтүндүк жана купуялуулук принциптерин

сактайт.
5.3. Колдонуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган өзүнүн жеке маалыматтарына карата укуктарын ишке ашырууга укуктуу.
5.4. Жеке маалыматтар Колдонуучу тарабынан атайылап берилген же Колдонуучунун күнөөсү боюнча үчүнчү жактарга атайылабастан белгилүү болуп калган учурда, Банк жоопкерчилик тартпайт.

6. Маалыматты берүү жана сактоо

6.1. Маалымат аны иштеп чыгуунун максаттарына жетүү үчүн зарыл болгон мөөнөттө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, келишимде белгиленген мөөнөттөрдүн ичинде же Банктын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо зарылдыгына байланыштуу сакталат.
6.2. Маалыматты Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары берүү, анын ичинде жеке маалыматтарды трансчек аралык берүү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жол берилген учурларда жана тартипте жүзөгө ашырылат.

7. Саясатты электрондук түрдө кабыл алуу

7.1. Каттоо башталганга чейин Колдонуучуга ушул Саясат менен таанышуу мүмкүнчүлүгү берилет.
7.2. Ушул Саясатка ЭСК аркылуу кол коюу Колдонуучунун анын шарттары менен таанышкандыгын жана анда каралган шарттарды кабыл алгандыгын, ошондой эле жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдугун билдиргендигин ырастайт.
7.3. Колдонуучу кол койгон Саясаттын электрондук версиясы жана ага кол коюлгандыгы жөнүндө маалыматтар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Банктын ички документтеринде белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө Банк тарабынан сакталат.

8. Талаштарды чечүү

8.1. Колдонуучу менен Банктын ортосундагы мамилелерден келип чыккан талаштар боюнча сотко доо арыз менен кайрылганга чейин дооматты (талашты ыктыярдуу жөнгө салуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү сунушту) берүү милдеттүү болуп саналат.
8.2. Дооматты алуучу дооматты алган күндөн тартып 30 календардык күндүн ичинде дооматты берген арыз ээсине дооматты кароонун натыйжалары жөнүндө жазуу жүзүндө билдирет.
8.3. Макулдашууга жетишилбеген учурда талаш Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык сот органында кароого берилет.

8. Корутунду жоболор

8.1. Ушул Саясат «ЭкоИсламикБанк» ЖАКтын «Кард» келишимин (жеке жактын талап боюнча төлөнүүчү банктык эсеби) түзүүгө Ачык офертага № 6 тиркеме болуп саналат жана анын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет.
8.2. Банк ушул Саясатка Ачык офертада жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу.
8.3. Саясаттын актуалдуу редакциясы мобилдик колдонмодо жана/же Банктын расмий интернет-ресурсунда жайгаштырылат.
8.4. Ушул Саясатка жана Банк менен Колдонуучунун ортосундагы мамилелерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдары колдонулат.

«Кард» келишимин (жеке жактын талап боюнча төлөнүүчү банктык эсеби) түзүүгө Ачык офертага № 7 тиркеме

ЖЕТҮҮ МААЛЫМАТТАРЫНЫН (АУТЕНТИФИКАЦИЯНЫН) САКТАЛЫШЫ ЖАНА ӨТКӨРҮЛҮП БЕРИЛИШИ ҮЧҮН ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

Ушул Тиркеме Ачык офертанын (мындан ары – Оферта) ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана жетүү каражаттарынын жана аутентификация маалыматтарынын сакталышы үчүн, ошондой эле аларды үчүнчү жактарга берүүнүн же ачыкка чыгаруунун кесепеттери үчүн Банк менен Кардардын ортосундагы жоопкерчиликти бөлүштүрүүнү аныктайт. Ушул Тиркемеде колдонулган терминдер Офертада белгиленген маанилерде колдонулат.

1. Кардардын жоопкерчилик чөйрөсү

1.1. Кардар төмөнкү жетүү каражаттарынын жана аутентификация маалыматтарынын купуялуулугун жана сакталышын камсыз кылууга милдеттүү:
– ПИН-код жана коддук сөз;
– Банк тарабынан жөнөтүлүүчү бир жолку коддор (OTP);
– аралыктан банктык тейлөө системаларына кирүү үчүн логин жана сырсөз;
– картанын реквизиттери (номери, CVV2, колдонуу мөөнөтү);
– электрондук кол тамганын жабык ачкычтары, анын ичинде токендер.
1.2. Кардарга картаны, анын реквизиттерин, аутентификация каражаттарын жана электрондук кол тамганы сатууга, берүүгө, өткөрүп берүүгө, пайдаланууга берүүгө же башка жол менен үчүнчү жактардын пайдалануусуна жол берүүгө катуу тыюу салынат.
1.3. Алдамчылык аракеттердин алдын алуу жана өз каражаттарын коргоо максатында Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү:
– ПИН-кодду, коддук сөздү, OTP-коддорду жана картанын маалыматтарын телефон, электрондук почта же мессенджерлер аркылуу эч качан билдирбөөгө, анын ичинде өздөрүн Банктын, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын же укук коргоо органдарынын кызматкерлери катары таанышкан адамдарга да билдирбөөгө;
– шектүү билдирүүлөрдөгү шилтемелерге өтпөөгө жана картанын маалыматтарын бөтөн ресурстарга киргизбөөгө;
– үчүнчү жактардын көрсөтмөсү боюнча программалык камсыздоону, анын ичинде алыстан жетүү программаларын орнотпоого;
– мобилдик банкингге жетүү үчүн Банктын расмий колдонмосун жана зыяндуу программалык камсыздоодон корголгон, ишенимдүү түзмөктөрдү гана пайдаланууга;
– жеке түзмөктөрдөгү программалык камсыздоону жана антивирустук коргоону өз убагында жаңыртып турууга.
1.4. Кардар жөнөкөй же компрометацияланган сырсөздөрдү пайдаланууга, эсептик маалыматтарды жана ПИН-коддорду ачык түрдө сактоого, ошондой эле жалпыга жеткиликтүү же корголбогон түзмөктөрдү пайдаланууга байланышкан тобокелдиктерди өзүнө алат.

2. Банктын жоопкерчилик чөйрөсү

2.1. Банк өзүнүн жоопкерчилик чөйрөсүндөгү системалардын иштешин маалыматты коргоонун заманбап механизмдерин (байланыш каналдарын шифрлөө, пайдаланууучуларды аутентификациялоо жана авторизациялоо, уруксатсыз жетүүдөн коргоо) колдонуу менен камсыз кылат, ошондой эле маалыматтык коопсуздук инциденттерине мониторинг жүргүзөт, операцияларды журналдаштырууну жана Кардарлардын жеке жана финансылык маалыматтарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык коргоону камсыз кылат.
2.2. Банк Кардардын тарабында орун алган аутентификация каражаттарынын жана электрондук кол тамгасынын компрометацияланышы үчүн, ошондой эле Кардардын аракеттеринин же

аракетсиздигинин натыйжасында үчүнчү жактардын Банкынын тутумдарынын пайдалануусу үчүн жоопкерчилик тартпайт.

3. Маалыматтарды берүү үчүн жоопкерчиликти бөлүштүрүүнүн негизги принциби

3.1. Эгерде туура аутентификация маалыматтары Кардар тарабынан үчүнчү жактарга ыктыярдуу түрдө, этиятсыздыктан же алдамчылардын таасири астында (социалдык инженерия, вишинг, фишинг жана башка ыкмалар аркылуу) берилген же ачыкка чыгарылган болсо, Кардар мындай жетүү каражаттарын жана аутентификация маалыматтарын пайдалануу менен жүргүзүлгөн бардык операциялар үчүн толук жоопкерчилик тартат.

3.2. Эгерде операцияны жүргүзүүдө туура аутентификация маалыматтары пайдаланылса, Банк өзү Кардар тарабынан жүргүзүлгөн операцияны үчүнчү жактар тарабынан жүргүзүлгөн операциядан техникалык жактан айырмалай албайт. Мындай операция Кардар өзү тарабынан жүргүзүлгөн болуп эсептелет.

3.3. Кардардын тарабында орун алган жетүү каражаттарынын берилиши, ачыкка чыгарылышы же компрометацияланышы Кардардын жоопкерчилик чөйрөсүнө кирет жана мунун натыйжасында келип чыккан чыгымдар үчүн Банк жоопкерчиликтен бошотулат.

4. Билдирүү милдети

4.1. Жетүү каражаттары жоголгон, ачыкка чыгарылган же компрометацияланган деп шектенүү пайда болгон учурда, ошондой эле Кардар өзү жүргүзбөгөн операцияларды аныктаганда же Кардар тарабынан кандайдыр бир операция жүргүзүүгө демилге көтөрүлбөстөн OTP-код алынганда, Кардар белгиленген байланыш каналдары аркылуу Банкка токтоосуз билдирүүгө жана жагдайлар аныкталганга чейин Банктын тутумдарын пайдалануну токтотууга милдеттүү.

4.2. Кардар мындай билдирүүнү өз убагында берүү үчүн жоопкерчилик тартат. Кардар тарабынан көрсөтүлгөн чаралардын көрүлбөшү анын жоопкерчилик чөйрөсүнө кирет.

Банктын Байланыш-борбору (күнү-түнү): +996 312 900 800, +996 775 900 800, +996 555 900 800, +996 703 900 800.

5. Кардардын ырастоосу

Офертаны акцепттөө менен Кардар жоопкерчиликти бөлүштүрүүнүн ушул тартиби менен таанышкандыгын, Банктын эч качан ПИН-кодду, OTP-коддорду, CVV2 жана коддук сөздү сурабай тургандыгын түшүнгөндүгүн жана жетүү каражаттарын үчүнчү жактарга берүүнүн же ачыкка чыгаруунун кесепеттери үчүн жоопкерчиликти өзүнө алгандыгын ырастайт.

Дата: «___» _____ 202__-ж. Аты-жөнү: _____ Колу: _____

«Кард» Келишимин (жеке жактын талап боюнча төлөнүүчү банктык эсеби) түзүүгө
Ачык Офертага
Кардардын Арызы/Макулдугу (акцепти)

«ЭкоИсламикБанк» жабык акционердик коому (мындан ары – Банк), Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине, Кыргыз Республикасынын «Банктар жана банк иштери жөнүндө» Мыйзамына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларына ылайык иш алып баруу менен, жеке жакка Банктын расмий сайтында жайгаштырылган «__» _____ 202_ж. Ачык офертаны акцептөө жолу менен «Кард» Келишимин түзүүнү сунуштайт.
Ачык офертанын тексти жана ага тиркелген бардык документтер Банктын расмий сайтында жайгаштырылган: https://eib.kg/static/documents.html.

1. **Кардар жөнүндө маалыматтар:**

Фамилиясы, Аты, Атасынын аты)	
Туулган датасы	
Өздүгүн тастыктаган документ жөнүндө маалымат	берген мекеме: _____ берилген күнү: _____
Байланыш телефону	
Электрондук почта дареги	

2. **Тейлөө шарттары:**

Банктык картаны чыгаруу: [ ] Ооба [ ] Жок
(банктык карта кыргыз сомунда гана тейленет)
Эсептин валютасы: [ ] Кыргыз сому [ ] USD, [ ] EUR, [ ] RUB, [ ] KZT, [ ] CNY,
Банк тарабынан колдонулуучу башка валюта _____
(көрсөтүлсүн)

3. **Кардардын арызы жана ачык офертаны акцептөө**

Мен, төмөндө кол койгон адам, ушул менен төмөнкүлөрдү ырастайм:
– ушул Арызга кол коюуга чейин Банктын расмий сайтында жайгаштырылган «Кард» Келишимин түзүүгө Ачык оферта жана ага тиркелген бардык документтер менен тааныштым;
– Ачык офертанын укуктук маанисин (табиятын) түшүнөм жана ушул Арыз мен тараптан анын бардык шарттарын толук жана шарт койбостон кабыл алуу (акцепт) болуп эсептелерин ырастайм;
– ушул акцепт Банк тарабынан кабыл алынган учурдан тартып «Кард» Келишими түзүлгөн болуп эсептелишине макулмун.

4. **Тиркемелер менен таанышкандыгын ырастоо**

Мен «Кард» Келишиминин ажырагыс бөлүгү болуп эсептелген төмөнкү документтер менен толук таанышканымды жана алардын шарттарына макул экенимди ырастайм:

1. № 1 тиркеме – Жеке маалыматтарды чогултууга, иштеп чыгууга, сактоого жана өткөрүп берүүгө берилген макулдук, анын ичинде менин маалыматтарымды Банк тарабынан «Банктар аралык Процессинг борбору» ЖАКка өткөрүп берүүгө жана сактоого макулдук;
2. № 2 тиркеме – Кардардын анкетасы (анда көрсөтүлгөн бардык маалыматтар туура жана чындыкка ылайык экенин ырастайм);
3. № 3 тиркеме – Эсеп ачуу жөнүндө арыз. Мага Банктын тарифтерди бир тараптуу өзгөртүүгө, менин макулдугумсуз эсептен каражаттарды эсептен чыгарууга, келишимди бузууга укуктуу экендиги түшүндүрүлдү жана бул мага түшүнүктүү;
4. № 4 тиркеме – Банктык картаны чыгаруу жана тейлөө жөнүндө арыз;

5. № 5 тиркеме – Картаны пайдалануу эрежелери, анын ичинде транзакциялар жөнүндө маалымдоо тартиби, картаны бөгөттөө шарттары жана карта жоголгон учурда акча каражаттарын алуу тартиби;
6. № 6 тиркеме – Купуялуулук саясаты;
7. № 7 тиркеме – Жетүү маалыматтарынын (аутентификациянын) сакталышы жана өткөрүлүп берилиши үчүн тараптардын жоопкерчилиги;
8. № 8 тиркеме – Банктын тарифтери, анын ичинде эсепти тейлөө, валютаны конвертациялоо жана башка банктык операциялар үчүн комиссиялар (Банктын расмий сайтында жайгаштырылган: eib.kg).

5. Маалыматты ачыкка чыгаруу жана Кардардын укуктарын коргоо

Мен, Келишим түзүлгөнгө чейин Банк тарабынан төмөнкүлөр камсыз кылынганын ырастайм:
– мага банктык продуктунун бардык шарттары жөнүндө толук, так, ишенимдүү жана түшүнүктүү маалымат берилди;
– Банктын Кардары катары менин укуктарым жана милдеттерим түшүндүрүлдү, анын ичинде Банктын расмий сайтында жайгаштырылган Офертанын шарттарындагы жана ага тиркелген документтердеги өзгөртүүлөрдү өз алдынча көзөмөлдөө милдетим бар экендиги, ошондой эле мындай өзгөртүүлөр сайтта жарыяланган күндөн тартып 10 (он) күн өткөндөн кийин күчүнө кирери мага маалымдалды;
– эсепти жана банктык картаны пайдаланууга байланыштуу келип чыгышы мүмкүн болгон финансылык тобокелдиктер жөнүндө түшүндүрмө берилди;
– Банктын расмий байланыш каналдары аркылуу консультация жана кошумча түшүндүрмөлөрдү алуу мүмкүнчүлүгү камсыз кылынды.

6. Жеке маалыматтар жана идентификация

Ушуну менен мен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда жана тартипте менин жеке маалыматтарымды чогултууга, иштеп чыгууга, сактоого, жаңыртууга жана өткөрүп берүүгө, ошондой эле кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) жана каржылоого каршы аракеттенүү максатында идентификациялоо жана верификациялоо жол-жоболорун жүргүзүүгө Банкка макулдук берем.

7. Укуктук ырастоо

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 395-беренесинин 3-пунктуна, ошондой эле 399 жана 402-беренелерине ылайык, ушул Арызга кол коюу жана Ачык офертаны акцептөө менен анын бардык шарттарын толук жана шарт койбостон кабыл алганымды жана Банк менен «Кард» Келишимин түзгөнүмдү ырастайм.
Ачык офертанын тексти жана ага тиркелген бардык документтер Банктын расмий сайтында жайгаштырылып, электрондук формада колдонулат. Эгерде тексттердин ортосунда айырмачылык же келишпестик жаралса, Банктын https://eib.kg/static/documents.html сайтында жайгаштырылган жана ошол учурда күчүндө болгон редакциясы колдонулат.
Офертанын шарттарына жана тарифтерге киргизилген бардык өзгөртүүлөр Банктын расмий сайтында жайгаштырылат жана жарыяланган күндөн тартып 10 (он) күндүн ичинде күчүнө кирет.

«Оферта» QR коду

«Жеке жактарды тейлөө тарифтери» QR коду

8. Кардардын кепилдиктери

Мен берген маалыматтар толук, актуалдуу жана чындыкка туура келерин ырастайм. Бул маалыматтар өзгөргөн учурда, өзгөрүү болгон күндөн тартып 5 (беш) календардык күндүн ичинде Банкка жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттенем.

Ушул Арызда жана Анкетада көрсөтүлгөн байланыш маалыматтарым боюнча Банктан билдирүүлөрдү, кабарламаларды жана башка расмий маалыматтарды алууга макулдук берем.

Ушул Кардардын Арызы/Макулдугу (акцепт) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын талаптарына ылайык «Кард» Келишиминин түзүлгөндүгүн тастыктаган расмий документ болуп саналат.

Тик бурчтук алкак ичинде коюлган кол тамгамды банктык документтерде колдонуу үчүн менин кол тамгамдын үлгүсү катары кабыл алууну суранам.

Кардардын Ф.А.А.: _____

Кардардын колу: _____ Дата: _____